КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ

email: esep@esep.kg тел: +996 (312) 32 34 30 ФАКС: +996 (312) 32 35 11 Ишеним телефондору: +996 (312) 50 09 85

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫНЫН
ИШИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2022

www.esep.kg



Бишкек 2023

Ушул отчёт “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 100-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 61-беренесине ылайык берилет жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдагы ишин чагылдырат.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдагы иши жөнүндө отчёту “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2023-жылдын 13-майындагы №01-22/24 токтому менен бекитилген.

Отчеттун мазмуну жана басылманы жайылтуу менен байланышкан маселелер боюнча, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Н. Исанов көчөсү, 131, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы дареги боюнча кайрылса болот.
Телефон: +996 (312) 32 34 30, факс: +996 (312) 32 35 11, электрондук почта: esep@esep.kg, веб-сайт: www.esep.kg



***Урматтуу окурмандар!***

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органынын мандатына ээ болуу менен, өлкөнү өнүктүрүү жана анын жарандарынын жашоосун татыктуу камсыздоо максатында өз ишин жүргүзөт. Мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, мамлекеттик аудитти жүргүзүү аркылуу өзүнүн милдеттерин аткаруу менен, Эсептөө палатасы мамлекеттик башкаруу секторунда ресурстарды максатсыз жана натыйжасыз пайдаланууга алып келген финансылык тартип бузууларын аныктоо жана алдын алуу боюнча үзгүлтүксүз иш жүргүзөт.

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президенти, Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен тыгыз кызматташат. Бул институттардын сунуштары жана сунуштамалары Эсептөө палатасынын иш пландарында эске алынат, ошондой эле отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун тапшырмасы боюнча тийиштүү аудитордук иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен өз ара аракеттенишүү алкагында, бюджеттик укук мамилелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды жакшыртуу бөлүгүндө Эсептөө палатасы тарабынан сунуштар жөнөтүлөт, негизинен, аудиттердин жыйынтыгы боюнча бардык отчеттор Жогорку Кеңешке, Президенттин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине жөнөтүлөт.

Мамлекеттик аудит тутумун жакшыртуу максатында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-декабрындагы ПЖ №541 “Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын ченемдерин аткаруу менен, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин процесстерин оптималдаштыруу жана мамлекеттик аудиттин алдыңкы практикасын колдонуу бөлүгүндө тажрыйба алмашуу боюнча иштерди туруктуу негизде жүргүзөт.

Сиздерге берилип жаткан отчет, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралар, кадр саясаты, эл аралык мамилелерди өнүктүрүү, аудитордук мыкты практикаларды, аудиттин эл аралык стандарттарын интеграциялоо жөнүндө маалыматтарды жана 2022-жылдагы Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматты камтыйт.

***Урматтоо менен,***

***Эсептөө палатасынын төрагасы***
***Алмазбек Акматов***

## МАЗМУНУ


**Киришүү ........ 5**

**1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу ........ 6**

**2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү ........ 7**

2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары ........ 7

2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит . 17

2.3. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы ........ 18

**3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери ........ 20**

3.1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы . 20

3.2. 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы ........ 23

3.3.2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы ........ 25

**4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары ... 27**

4.1. 17.05.2021-жылдан 30.06.2022-жылга чейин убактылуу сырттан башкаруу мезгил аралыгына карата “Кумтөр Голд Компаниясы” жабык акционердик коомуна жүргүзүлгөн пландан тышкаркы аудит ........ 27

4.2. Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасы боюнча 2020-жылга “Ишкердик субъекттерди каржылоо” программасын жана 2013-2021-жылдар мезгил аралыгына карата “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында айыл чарба өндүрүүчүлөрүн, ишкердик субъектилерди жана жеке жактарды кредиттөө үчүн, коммерциялык банктар, адистештирилген финансылык-кредиттик мекемелер тарабынан бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит ........ 30

4.3. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн контролдук биргелешкен иш-чаралар ........ 31

4.4. Жүргүзүлгөн тематикалык аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары ........ 34

**5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу ........ 36**

5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү ........ 36

5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү ........ 37

5.3. Эл аралык кызматташуу ........ 37

5.4. Коомчулук менен байланышуу ........ 40

**6. Коррупцияга каршы иш-чаралар ........ 40**

**7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо ........ 41**

7.1. Методологиялык камсыздоо ........ 41

7.2. Кадрдык камсыздоо ........ 42

7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү ........ 44

7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо ........ 46

**Корутунду ........ 48**

## Киришүү

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2022-жылдагы иши жөнүндө ушул отчёт, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругу[1] менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын (мындан ары – Эсептөө палатасы) аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Бул отчёт ага жүктөлгөн функцияларды аткаруу боюнча Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат, анда 2022 - жылы жүргүзүлгөн, Эсептөө палатасынын Кеңешинин жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн отурумдарынын чечимдери менен бекитилген аудит жыйынтыктары берилген.

Отчётто ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталган уюштуруу иш-чаралары, өз ишмердүүлүгүнүн максималдуу ачыктыгын камсыз кылуучу, коррупцияга каршы жүргүзүлгөн иш чаралар, ички жана тышкы жол-жоболорду санариптештирүү, жүргүзүлгөн аналитикалык иш-чаралар, жаңы методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтар камтылган.

Ошондой эле, отчётто Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, мамлекеттик жана укук коргоо органдары менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү жөнүндө маалыматтар берилген.

Аудитордук иштин жыйынтыктарынын негизги көрсөткүчтөрү – аудитордук иштин жүрүшүндө аныкталган финансылык тартип бузуулары, жаңы бузуулар классификаторуна ылайык берилген.

---

[1] 2008-жылдын 21- майындагы №1-12/95

## 1. 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын ишке ашыруу

2019–2020-жылдары аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына ылайык, өзүнүн мандатын аткаруу боюнча азыркы мүмкүнчүлүктөрүнө факты жүзүндө жана объективдүү баалоону алуу үчүн, “Аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун баалоо системасын” (мындан ары – АЖО НБС) колдонуу менен, аудиттин жогорку органынын натыйжалуулугун баалоо боюнча Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (мындан ары – ИНТОСАИ) Өнүктүрүү демилгеси программасынын алкагында, Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугуна баалоо жүргүзүлгөн.

Эсептөө палатасы үчүн бул баалоонун негизги максаты болуп, өзүнүн ишинин күчтүү жана жетишпестик жагын аныктоо, ошондой эле потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү жана тобокелдиктерди аныктоо болгон.

Бул корутундуларды эске алуу менен, анын ишинин негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныктоо максатында, 2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан.

Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиясы “Эсептөө палатасынын ишинин жыйынтыктарын баалоо системасынын” баалоо жыйынтыктарын гана эске албастан, жаңы тобокелдиктерди жана талаптарды, ошондой эле 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү жаатындагы максаттарды, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын эске алуу менен иштелип чыккан.

Бул стратегияда Эсептөө палатасы төмөндөгүдөй артыкчылыктуу максаттарды жана милдеттерди аныктаган: аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына, б.а. финансылык аудитке, шайкештик аудитине жана натыйжалуулук аудитине ылайык, аудитти жүргүзүү аркылуу мамлекеттик каражаттарды тескөөнүн натыйжалуу, ачык жана отчет берүү системасына жардам берүү, ошондой эле кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенишүүнү чыңдоо.

Стратегиянын максаттарын жана милдеттерин баяндоо.

1-максат: ушул максатка жетүү үчүн, мамлекеттик каражаттарды натыйжалуу, ачык отчет берүү менен тескөө, Эсептөө палатасынын иш-чаралары төмөндөгү милдеттерге жетүүгө багытталат:

- Натыйжалуулук аудиттеринин санын көбөйтүү жана алар боюнча сапаттуу отчеттор;
- Шайкештик аудитин көбүрөөк максатка ылайыктуу камтуу жана алар боюнча сапаттуу отчеттор;
- Финансылык аудитти пилоттоону улантуу жана алардын сапатын жогорулатуу.

2-максат: Кызыкдар тарап Эсептөө палатасын ачык-айкын, отчет берүүчү жана кесипкөй уюм катары кабыл алат. Бул максат өкмөттө жана мамлекеттик уюмдарда өзгөртүүлөрү колдонуу жана натыйжалуу жана активдүү байланыштарды колдонуу, өлкөдөгү көйгөйлөргө жана окуяларга баа берүү менен, жарандардын, парламенттин жана кызыкдар тараптардын дайыма маанилүүлүгүн көрсөтүүгө багытталган. Этикалык стандарттарды колдонуу, Эсептөө палатасынын талаптагыдай башкаруу, ишинин отчеттуулугу жана ачыктыгы жаатында мисал келтирүү жолу менен, үлгүлүү уюштуруу ролун аткаруу. Эсептөө палатасынын иш-чаралары төмөндөгүдөй жыйынтыктарга жетүүгө багытталган:

- Этика бааларын, Эсептөө палатасынын иши жөнүндө жылдык отчетторду, аудит отчетторун, АЖО НБС бааларын жарыялоо.
- Жогорку Кеңеш, Президенттин Администрациясы, Министрлер Кабинети, ЖМК жана коомчулук менен өз ара аркеттенишүүнү жогорулатуу.

Стратегияны ишке ашыруу жана иш-чаралардын ырааттуулугун деталдуу баяндоо үчүн, мурунку мезгилдеги иш пландын иш-чараларынын аткаруу жыйынтыгынын натыйжасында, Стратегиянын максаттары жана милдеттери менен тыгыз өз ара байланыштагы Эсептөө палатасынын жыл сайынкы иш планы иштелип чыгат.

2022-2026-жылдар мезгил аралыгына карата Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы, Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2022-жылдын 17-мартындагы № 01-26/28 токтому менен бекитилген.

Ошентип, 2022-жылга Эсептөө палатасынын аудитордук иш-чаралары аудиттин жогорку органдарынын эл аралык стандарттарына (натыйжалуулук аудиттери, шайкештик аудиттери жана финансылык аудиттер) ылайык каралган.

*2022-2026-жылдыр мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өнүктүрүүнүн стратегиялык планын толугу менен таанышуу*

## 2. Эсептөө палатасынын ишинин негизги көрсөткүчтөрү

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

2022-жылга бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, Эсептөө палатасы пландалган 78 аудитордук иш чара жүргүзгөн, алардын жүрүшүндө аудит объектилеринин 1 666 түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү камтылган, анын ичинен: бюджеттик мекемелер – 1 182, чарба жүргүзүүчү субъекттер – 203, жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мекеме жана уюмдар – 279 жана башка уюмдар – 2.

Отчеттук жыл ичинде жүргүзүлгөн аудитордук иштин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы тарабынан **46 101,7 млн сомго** каржылык тартипти бузуулар жана жол-жоболук мүнөздөгү 404 бузуулар аныкталган. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **15 544,3 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен **7 174,8 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **46 пайызды** түзгөн.

**Каржылык тартип бузуулары** – бул акча эквивалентинде көрсөтүлгөн финансылык жана башка ресурстардын түзүлүшүнүн, бөлүштүрүлүшүнүн жана пайдаланылышынын, бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшүнүн жана финансылык отчеттун түзүлүшүнүн тартиптери белгиленген ченемдик укуктук актыларынын жана башка актылардын ченемдерин бузуу.

**Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар** – бул акча эквивалентинде көрсөтүлбөгөн финансылык жана башка ресурстардын түзүлүшүнүн, бөлүштүрүлүшүнүн жана пайдаланылышынын, бухгалтердик эсептин жүргүзүлүшүнүн жана финансылык отчеттун түзүлүшүнүн тартиптери белгиленген ченемдик укуктук актыларынын жана башка актылардын ченемдерин бузуу.

*1-таблица. Каржылык тартипти бузуулар боюнча жалпы жыйынтыктар  (млн сом)*

| | **Бардыгы** | *Алардын ичинен:* | |
|---|---|---|---|
| | | *Бюджет боюнча* | *Бухгалтердик эсеп боюнча* |
| **Аныкталды** | **46 101,7** | 31 584,6 | 14 517,1 |
| **Калыбына келтирилүүгө тийиш** | **15 544,3** | 5 411,2 | 10 133,1 |
| **Калыбына келтирилген** | **7 174,8** | 970,2 | 6 204,6 |

**Бюджет боюнча каржылык тартипти бузуу** – бул тиешелүү бюджеттердин киреше жана чыгымдар бөлүгүнө (бюджеттик тутумдун, чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана башка мекемелердин бюджеттери)  таасир берүүчү бузуулар.

**Эсеп боюнча каржылык тартипти бузуу** – бул аудит объектисинин отчеттуулугунун жана активдери, милдеттенмелери, жеке капиталы, чыгымдары жана кирешелери жөнүндө  маалыматтарынын аныктыгына таасир берүүчү эсепти жүргүзүүнүн белгиленген тартибин бузуу.

## Каржылык тартипти бузуулардын түрлөрү боюнча:

**1. <u>Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы  бюджеттердин долбоорлорун түзүүдө жана кароодо кетирилген бузуулар</u>**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин долбоорлорун түзүүдө  жана кароодо кетирилген бузуулардын жалпы суммасы **67,8 млн сомду** түзгөн.


Алсак, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде бекитилген пландан кирешелерди 2 эсе же 48,2 млн сомго (КР ӨКМ Түштүк өзгөчө кырдаалдарга чара көрүү борбору) ашыкча аткаруу аныкталган, бул болсо, баштапкы бекитилген планды тактоонун камсыздалбагандыгы менен байланыштуу.

Калган 19,6 млн сом өлчөмүндөгү сумма, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган. Жалпы аныкталган бузуулардын 13,7 млн сому Сокулук районуна (Сокулук, Н.Крупская жана Ат-Башы айыл өкмөттөрү) жана башка райондорго жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган.


**2. <u>Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы  бюджеттердин аткарылышындагы бузуулар жана кемчиликтер</u>**

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин аткарылышындагы бузуулар жана кемчиликтердин жалпы суммасы **26 666,0 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **7 800,3 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, **1 116,7 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **14 пайызды** түзгөн.

*1-диаграмма. Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин аткарылышындагы бузуулар жана кемчиликтер (млн сом)*




*2-диаграмма. Аудит объектилери боюнча Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин аткарылышындагы бузуулар жана кемчиликтер (млн сом)*




Диаграммадан көрүнүп тургандай, 6 332,5 млн сом (24%) өлчөмүндөгү бузуулар ээлейт. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында эсепке алынбаган товарлар боюнча фактыларын алдын алуу, аныктоо боюнча контролдук-ыкчам жана рейддик иш-чараларды жүргүзүү боюнча мобилдик топтун натыйжасыз иши, өткөрүлүүчү товарларга карата импорт жагында салмакты контролдоонун жоктугу, товарларды эсепке алуу пункттары менен, мамлекеттик чек ара участкалары толук жабдылбагандыгына байланыштуу, товарларды ташып кирүүдө (импортто) толук кандуу эсепке алуу менен камсыздалбагандыгы аныкталган. Ошону менен бирге, 37 272,0 миң АКШ доллары же 3 056,5 млн сом суммасында кыйыр салыктарды жоготууга алып келүүчү, Кыргыз Республикасына ЕАЭБ (Беларусь – 29,4 млн АКШ доллары жана Россия – 281,2 млн АКШ доллары) экспортунун статистикасы менен көрсөтүлгөн

310,6 млн АКШ долларындагы эсепке алынбаган товарларды ташып кирүү тобокелдиги тастыкталууда. Мындан сырткары, үчүнчү өлкөдөн импорттук тамекилерге маркирленбеген акциздик маркалардын 2,6 млрд сомдон ашык салык суммасы менен 74,6 млн пачка өлчөмүндөгү саны аныкталган.

Ошондой эле, “Кумтөр Голд Компаниясы” ЖАКында (мындан ары – “КГК” ЖАКы) 5 009,6 млн сом өлчөмүндөгү сумма аныкталган. 2016-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата ар кандай себептер менен, 44 834,7 миң АКШ долларындагы (3 564,3 млн сом) башталган долбоорлор (12 долбоор) мөөнөтүндө аяктаган эмес, өздөштүрүлбөгөн сумма 30.06.2022-жылга карата 17 202,0 миң АКШ долларын түзгөн. “КГК” ЖАКы үчүн пайдалуу баа боюнча дизель отунун корлорун өз учурунда камсыздоого багытталган, зарыл болгон башкаруу чечимдерин өз убагында кабыл албагандык, чыгымдарды 936,7 млн сомго көбөйтүүгө алып келген.

Кийинки 3 943,4 млн сом (15%) бузуулары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча аныкталган. Алсак, “КПМГ” көз карандысыз аудитордук компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн, Улуттук банктын 2021-жыл үчүн финансылык отчетунда “Керемет Банк” ААКтын акцияларына салынган 4 381,6 млн сом суммасында финансылык активдин нарксызданышынан чыгаша тастыкталган. Ошентип, Улуттук банк 2018-2021-жылдары “Керемет Банк” ААКка инвестиция салуудан 4 381,6 млн сом өлчөмүндө жоготууларга учураган. Бул жоготуулар, Улуттук банктын “Росинбанк” ААКка (учурда – “Керемет Банк” ААК) салган инвестицияларынын нарксызданышынан тарткан жоготуулары “Керемет Банк” ААКтын финансылык абалы начарлаган шартта жана инвестиция салуунун башында эле “Керемет Банк” ААКтын чыныгы финансылык абалына көзөмөлдөө органы тарабынан туура эмес баа берилген шартта жумшалган инвестицияларга, ошондой эле “Керемет Банк” ААКтын айрым кредиттеринин кайтарылбай калышына, аталган банктын кредиттеринин сапатынын начарлашына, күрөөлүк камсыздоонун наркынын жогору болушуна байланыштуу. Ошентип, 2018-2021-жылдарга карата мезгил аралагында, Улуттук банктын “Керемет Банк” ААКсына жумшаган инвестицияларынын негизиндеги жоготуулары 4 381,6 млн сомду түзгөн. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын бюджетине жогоруда көрсөтүлгөн сумманын 90 пайызы же 3 943,4 млн сому чегерилген эмес.

2021-жылы кезектеги бөлүштүрүүнүн жүрүшүндө, Эл аралык валюта фонду (мындан ары – ЭВФ), Фонддун бардык мүчө өлкөлөрүнө 650 млрд АКШ долларын бөлгөн. Кыргыз Республикасынын үлүшү 170,2 млн жакын атайын өздөштүрүү укугун (мындан ары – АӨУ) же 240 млн АКШ долларына жакын каражатты түзгөн. Бул каражаттар COVID-19 менен байланышкан пандемиянын кесепетинен өлкөлөрдүн экономикасын колдоо үчүн бөлүнгөн. 2021-жылдын 23-августунда каражаттар, жарыяланган бөлүштүрүү алкагында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсебине 240 млн АКШ доллары же 20,3 млрд сом келип түшкөн. ЭВФдан алынган жогоруда көрсөтүлгөн каражаттар келип түшкөн учурдан тартып 2022-жылдын май айына чейин пайдаланылган эмес жана Улуттук банктын эсебинде калдык болуп турган, андан соң, каражаттар Кыргыз Республикасынын тышкы карызын тейлөө максатында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине которулган.

Белгилей кетүү керек, Улуттук банктын кызматчыларын дем берүү, эмгек акы тутумуна, Улуттук банктын чыгымдарынын жана кирешелеринин түзүлүшүнө, сатуу жана сатып алуу келишимдерине, ошондой эле, “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (аудит учурундагы күчүндө ү мыйзам) 17-беренеси менен белгиленген Улуттук банктын функцияларынын аткарылышына аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок, анткени, аталган мыйзам Улуттук банк тарабынан маалымат берүү жана аудит жүргүзүүдө Эсептөө палатасынын ыйгарым укугун чектейт. Буга

байланыштуу, Эсептөө палатасы 2021-жылга карата Улуттук банктын финансылык отчетунда көрсөтүлгөн кирешелерди эсептөөнү тастыктоо боюнча аудитордук пикирди билдирүүдөн расмий баш тарткан.

Ал эми "Кыргыз темир жолу" Улуттук компаниясы" Мамлекеттик ишканасында (мындан ары "КТЖ" УК" МИ) 3 027,0 млн сом өлчөмүндөгү бузуулар аныкталган. Аудит тарабынан "КТЖ" УК" МИге жеке жабдуучулардын 01.01.2021-жылга – 1 154,4 млн сом жана 31.12.2021-жылга – 1 602,2 млн сом карызы аныкталган, же көбөйүү 447,8 млн сомду түзгөн. Түзүлгөн келишимдерге ылайык, бул жабдуучулар жазы рельсаларды, жыгач шпалдарды, металл продукцияларын ротордук майдалагычтарды жана башкаларды алып келишмек. Бирок, бул милдеттенмелер жабдуучулар тарабынан белгиленген мөөнөттө аткарылган эмес.


Мындан сырткары, "Салыктар" беренеси боюнча чыгымдар бөлүгүнө, 260 131,0 миң сом же 172,9 миң сомго аз суммасындагы чегерилүүгө тийиш болгон кошумча нарк салыгы (КНС) киргизилгендиги аныкталган. Мында, салыктын жаңылыш эсептелгендиги жөнүндө ыктыярдуу таанууну берүү менен, чегерилүүгө тиешелүү болбогон КНСке түзөтүү жүргүзүлгөн.

Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинде (учурда – Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги) 2 719,3 млн сом (10%) аныкталган. Алсак, аудит объектиси тарабынан, лицензияны кармагандыгы үчүн төлөмдөр боюнча карызды өндүрүү боюнча иштер талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Лицензияны кармагандыгы үчүн төлөмдөр боюнча карызды өндүрүү боюнча материалдар сот органдарына берилген эмес. Лицензияны кармагандыгы үчүн төлөмдөр боюнча карыз суммаларынан жергиликтүү бюджеттердин жоготуулары жана резервдери 01.01.2019-жылга – 2 290,0 млн сомду, 01.01.2020-жылга – 2 493,5 млн сомду жана 01.01.2021-жылга – 2 705,9 млн сомду түзгөн.


## 3. Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер

2022-жылы Кыргыз Республикасынын мүлкүн колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтердин жалпы суммасы **6 813,0 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **4 110,5 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **3 838,3 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **93,4 пайызды** түзгөн.

*3-диаграмма. Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер (млн сом)*



*4-диаграмма. Аудит объектилери боюнча мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер (млн сом)*




Диаграммада көрүнүп тургандай, 58 пайызын "Манас" Эл аралык аэропорту" ААКсында (мындан ары – "МЭА" ААКсы) аныкталган 3 983,6 млн сом суммасындагы бузуулар ээлейт. "МЭА" ААКсы менен "Азия-баалоо" ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн 04.11.2019-жылдагы келишимге ылайык, Кыргыз Республикасынын ар кайсы областтарында жайгашкан "МЭА" ААКсынын жер участкаларына баалоо жүргүзүлгөн. "Азия-баалоо" ЖЧКсынын 2019-жылдын декабрындагы отчетторуна ылайык, "МЭА" ААКсынын жана анын филиалдарынын бааланган жер участкаларынын жалпы рыноктук наркы 4 099,8 млн сомду түзгөн, анын ичинен, жеке менчик укугу менен 3 783,3 млн сом суммасында мөөнөтсүз жана убактылуу пайдалануу 316,5 млн сом суммасында. Финансылык отчеттуулукту эл аралык стандарттарын бузуу менен, жер участкаларынын баштапкы наркы акыйкаттуу нарк менен аныкталган эмес, ал бир участок үчүн 1 тыйындан 18 тыйынга чейин символикалык нарк менен аныкталган. 2020-жылга финансылык абал жөнүндө отчетко ылайык, символикалык нарк боюнча эсепке алынган жер участкалары түрүндөгү "МЭА" ААКсынын негизги каражаттарынын жалпы наркы 01.01.2021-жылга карата бардыгы болуп 0,34 сомду түзгөн, же 3 783,3 млн сомго азайтылган. Аудиттин жүрүшүндө эсеп боюнча калыбына келтирилген.

Кийинки, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде аныкталган 1 175,1 млн сом (17%) өлчөмүндөгү сумма турат. Алсак, эсептик наркы 209,6 млн сом менен, 6,395 га аянттагы активдерге (жерге) укукту белгилөөчү документтер жок. 67,1 млн сом баштапкы наркы менен жер участкасы, "Имараттар жана курулмалар" эсеби боюнча көрсөтүлгөн. Ошондой эле, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 161-пунктун бузуу менен, ал жерде, баалуулуктарга, жерге, культивацияланган активдерге жана китепкана фондуна амортизация эсептелбейт деп көрсөтүлгөн, КР ӨКМ алдындагы Гидрометеорологиялык кызматынын жер участкасына 671,2 миң сом амортизация эсептелген. Ошондой эле, эсептик 239,8 млн сом суммасындагы активдер (жер) баланста көрсөтүлгөн эмес. КР ӨКМ алдындагы "МЕС Текстиль" МИнин жер участкаларына мамлекеттик актылардын болушу жана мамлекеттик актысы жок эсептик 400,0 млн сом нарктагы жер участкасын пайдалануу актив (жер) катары баланста көрсөтүлгөн эмес.


"Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКында 956,3 млн сом (14%) өлчөмүндөгү сумма аныкталган. Негизги каражаттарга жүргүзүлгөн тандалма аудитте, 8 778,5

миң АКШ долларындагы 283 комплектөөчүлөрдүн факты жүзүндө болушу тастыкталган жок, ошондой эле, аларды оңдоого берүү же майда запастык бөлүктөргө же металлоломго өткөрүү менен кайрадан иштетүү жөнүндө документтик тастыктоо берилген жок. Улук финансылык контролер менен финансы башкармалыгынын директору тарабынан өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жогорулатуунун жана Эсеп саясатынын жол-жоболорун жана талаптарын сактабагандыктын натыйжасында 8 778,5 миң АКШ долларын же 792,8 млн сом суммасындагы 283 комплектөөчүлөрдү эсептен чыгаруу жактырылган.


## 4. Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар

2022-жылы эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулардын жалпы суммасы **9 778,9 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **3 092,9 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **2 045,1 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **66,1 пайызды** түзгөн.

*5-диаграмма. Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар (млн сом)*




*6-диаграмма. Аудит объектилери боюнча эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар (млн сом)*



Диаграммадан көрүнүп тургандай, бул бузуулардын түрлөрү боюнча 47 пайызын “Керемет Банк” ААКсында аныкталган 4 594,5 млн сом суммасы ээлейт. Учурда, “Керемет Банк” ААКсы боюнча тергөө иш-чаралары жүрүүдө, мында, банктын пайдасына эмес чечимдер бар, бул болсо, банктын чыгымдарына алып келет. 31.12.2021-жылга карата банктын иши негизинен чыгымдуу болуп калууда, анткени, кредиттер боюнча жеткире алынбаган пайыздар түрүндө колдон чыгарылган пайда - 682,0 млн сомду, активдерди балоодон чыгымдар жана жоготуулар - 2 733,0 млн сом, чыгымдар боюнча зыяндар - 1 166,5 млн сомду түзгөн. Ошентип, 2018-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата банктын колдон чыгарылган жалпы пайдасынын суммасы 4,6 млрд сомду түзгөн. Ошондой эле, 5 167,8 миң сом суммасындагы сый акылар негизсиз эсептелген, анын ичинен: 2019-жылы – 540,3 миң сом жана 2021-жылы – 4 617,5 миң сом. 2018-2021-жылдарга 8 385,6 миң сом өкүлчүлүк чыгымдары киргизилгендиги аудит тарабынан аныкталган.

Кийинки, “КТЖ” УК” МИде 2 884,4 млн сом (29%) аныкталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.03.2018-жылдагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтомунун сунуштарын бузуу менен, накталай акча менен 130,3 млн сом суммасындагы эсептешүүлөр жүргүзүлгөн, анын ичинен, эмгек акыны төлөө - 114,3 млн сом, отчет берүүчү суммаларды берүү – 7,7 млн сом.

2021-жылы кезектеги оңдоо иштери боюнча чыгымдарга 13,9 млн сомдук иштер киргизилген, ал эми “Негизги өндүрүш” эсебине 106,4 млн сом киргизилген. 2021-жылы 106,4 млн сомдук иштин факты жүзүндөгү көлөмүн, “Бүткөрүлбөгөн курулуш” эсебине киргизүү керек эле, анын ичинен, 72,9 млн сом 2022-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча бул отчетко киргизилген. Калган 33,5 млн сом суммасы, 2022-жылдын 9 айы ичинде 25,2 млн сом келип түшүүлөрдү эсепке алуу менен, бардыгы болуп 58,7 млн сом “Бүткөрүлө элек өндүрүш” эсебинде турат.

31.12.2021-жылга карата бухгалтердик маалыматтар боюнча, “КТЖ” УК” МИнин Материалдык-техникалык камсыздоо боюнча филиалынын алдындагы кредиттик карызы 28,6 млн сомго жана аталышы жок контрагенттер алдында 30,7 млн сомго ашырылган, алар аудиттин жүрүшүндө, кредиттик карызды азайтуу жолу менен, бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилген.

Бухгалтердик өткөрмө туура эмес жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу, 31.12.2021-жылга карата 162 кызматкер алдында кредиттик карыз жалпы 188,8 миң сом суммасында ашырылган, алар бухгалтердик эсеп боюнча калыбына келтирилүүгө (азайтылууга) тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 “Мамлекеттик органдардын ишин тартипке салуу жөнүндө” токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик ишканалар жөнүндө ” Жобонун 30-пунктун бузуу менен, “КТЖ” УК” МИнин жетекчилиги тарабынан 2019-2020-жылдарга штаттык жүгүртмө, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун макулдугу жок туруп бекитилген. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун макулдугу жок туруп, аудит мезгили ичинде тариф коюмдары жана кызматтык маяналар эки эсе көбөйтүлгөн.

Эмгек акы фондун (мындан ары – ЭАФ) жогорулатуу боюнча маалыматтар аудитке берилбегендиктен, аудит тарабынан ЭАФды көбөйтүүнүн эсептик деңгээли аныкталган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун каражаттарын эсепке алуу менен, жалпы эмгек акы фонду 2019-жылдын 1-майынан 2020-жылдын 1-июнуна чейин 1,9 млрд сомду түзгөн, ал жерде алардын ичинен 10 пайызга жогорулатуу 177,1 млн сомду түзөт.

2020-жылдын 1-июлунан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейин эмгек акы фонду 928,1 млн сомду түзгөн, 15 пайызга жогорулатуу эсептик деңгээли менен 121,1 млн сомду түзгөн.

Социалдык фондго төлөм боюнча чыгымдарды эсепке алуу менен, эки жыл ичинде ЭАФ суммасын көбөйтүү 298,2 млн сомду түзгөн.


Кызматтык маяналарды жана сааттык коюмдарды көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алуу учурунда, "КТЖ" УК" МИнин кредиттик карызы 1,5 млрд сомду түзгөндүгүн белгилей кетүү керек. Ошондой эле, финансылык мүмкүнчүлүктүн жоктугунан улам, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнөн 2014-жылдын 30-сентябрындагы №558 "2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын темир жол транспортун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын бекитүү жөнүндө" токтому аткарылган эмес. Ошентип, 298,2 млн сомду түзгөн маяналарды жана тарифтик коюмдарды көбөйтүү, "КТЖ" УК" МИнин чыгымдарына жана өнүктүрүүнүн стратегиялык пландарын аткарууга олуттуу таасирин тийгизген.

Кийинки бузуулар "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКсында 856,9 млн сом өлчөмүндөгү сумма аныкталган. Мурда төлөнгөн 2,4 млн АКШ долларынан 2,1 млн АКШ долларында тастыкталган бухгалтердик документтердин болушу аныкталган, айырма 317,2 миң АКШ долларын түзгөн, аларды өндүрүүгө тиешелүү болгон дебитордук карыз катары таануу керек. "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКынын жүктөрүн ташууну улантуу үчүн, C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясынын сунушу боюнча "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКы 406,2 миң АКШ долларындагы алдын ала төлөмдү жүргүзгөн. C.H. Robinson Project Logistics LTD компаниясы тарабынан жүк ташуу боюнча кызмат көрсөтүлгөн эмес, ал эми сумма финансылык кызматкерлер тарабынан "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКынын балансынан негизсиз эсептен чыгарылган. Кайтарылуучу комплектөөчүлөр боюнча (Core программасы боюнча), "Кумтөр Голд Компаниясы" ЖАКынын эсебине, жабдуучу тарабынан 410,8 миң АКШ доллары же 32,7 млн сом депозиттик сумма кайтарылган эмес.


## 5. Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулар

2022-жылы мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулардын жалпы суммасы **1 662,5 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **534,6 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **174,7 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **32,7 пайызды** түзгөн.

*7-диаграмма. Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуулар (млн сом)*



*8-диаграмма. Аудит объектилери боюнча мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө КР мыйзамдарын бузуулар (млн сом)*




Бузуулардын жалпы суммасындагы 38 пайызды, “Кумтөр Голд Компаниясы” ЖАКында аныкталган 626,4 млн сом суммасы ээлейт. Алсак, 2021-жылдын 27-ноябрында "Кумтөр Голд Компани" ЖАКы тарабынан “Вулкан Плюс” ЖЧКсына 4 773 тонна санында буйрутма берилген майдалоочу шарлардын көлөмүн азайтуу жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн, буга “Вулкан Плюс” ЖЧКсы түзүлгөн келишимде жеткирилген товарлардын спецификациясында көрсөтүлгөн санды азайтуу боюнча шарттар каралбагандыгын негиздөө менен, алар жабдыган товарлардын көлөмүн азайтуудан баш тарткан. “Вулкан Плюс” ЖЧКсы тарабынан, бүгүнкү күнгө чейин, жалпы 447,2 млн сом суммасында төлөнгөн 4 904 кг товар жеткирилген эмес, ал боюнча өз учурунда жеткирбегендиги үчүн (01.09.2022-жылга карата), жалпы 77,8 млн сом суммасындагы туум эсептелген. Андан ары, “Централ Азия Металл” ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн. Жүктөлгөн майдалоочу шарлары боюнча “Вулкан Плюс” ЖЧКсы (1 040 АКШ доллары/тоннасына) менен “Централ Азия Металл” ЖЧКсынын (1 170 АКШ доллары/тоннасына) бааларынын ортосундагы айырма 169,3 миң АКШ долларын (же 14,4 млн сомду) түзгөн.

**6. <u>Ченемдик укуктук актылардын жана эл аралык макулдашуулардын ченемдеринин бузуулары</u>**

Бузуулардын бул түрү боюнча жалпы сумма отчеттук жылы **1 113,5 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **5,9 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **27,3 миң сом** калыбына келтирилген.


1 100,5 млн сом өлчөмүндөгү негизги сумма “Кепилдик фонд” ААКсында аныкталган, ал жерде, “Кепилдик фонд” ААКсынын Уставын бузуу менен, ири бизнеске берилген кепилдиктер 822,3 млн сомду түзгөн. Ошондой эле, “Күрөө жөнүндө ” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун атынан менчик ээлеринин макулдугусуз, 2019-2020-жылдарга кредиттерди алуу жана күрөөлөрдү коюу боюнча келишимдер түзүлгөн.

### Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар

*2-таблица. Жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар*

| Бузуулардын түрлөрү | Аныкталган бузуулардын саны | %да |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин долбоорлорун түзүүдө жана кароодо кетирилген бузуулар | 24 | 6 |
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттердин аткарылышындагы бузуулар жана кемчиликтер | 38 | 9 |
| Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер | 31 | 8 |
| Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар | 90 | 22 |
| Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамды бузуулар | 113 | 28 |
| Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык макулдашуулардын коллизиялары жана жол-жоболук бузуулар | 108 | 27 |
| **Бардыгы** | **404** | **100** |

*9-диаграмма. Аудит объектилери боюнча жол-жоболук мүнөздөгү бузуулар (саны)*




## 2.2. Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 124-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы тарабынан жергиликтүү бюджеттердин аткарылышына аудит эки жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт. Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **18 шаардын мэриясынын жана 207 айыл өкмөтүнүн** бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышна аудит жүргүзүлгөн.

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

18 шаардын мэрияларынын (анын ичинен, областтык маанидеги төрт шаар: Талас, Балыкчы, Каракол жана Кара-Көл) бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит тарабынан, жалпы 65,3 млн сом суммасында каржылык тартипти бузуулар аныкталган. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **7,6 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **4,4 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **58 пайызды** түзгөн.

*3-таблица. Каржылык тартипти бузуулардын түрү боюнча түзүм (млн сом)*

| Бузуулардын түрлөрү | Сумма, млн сомдо | %да |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин долбоорлорун түзүүдө жана кароодо кетирилген бузуулар | 35,4 | 54,2 |
| Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер | 0,9 | 1,4 |
| Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар | 26,9 | 41,2 |
| Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамды бузуулар | 0,3 | 0,4 |
| Ченемдик-укуктук актылардын жана эл аралык макулдашуулардын коллизиялары жана жол-жоболук бузуулар | 1,8 | 2,8 |
| **Бардыгы** | **65,3** | **100** |

### *Айыл өкмөттөрүнүн бюджеттеринин аткарылышы*

Айыл өкмөттөрүнө жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аныкталган каржылык тартипти бузуулардын жалпы суммасы **239,7 млн сомду** түзгөн. Аныкталган бузуулардын жалпы суммасынан **154,3 млн сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. **81,5 млн сом** калыбына келтирилген. Калыбына келтирүү **53 пайызды** түзгөн.

*4-таблица. Каржылык тартипти бузуулардын түрү боюнча түзүм (млн сом)*

| Бузуулардын түрлөрү | Сумма, млн сомдо | %да |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин долбоорлорун түзүүдө жана кароодо кетирилген бузуулар | 19,6 | 8,2 |
| Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттерин аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер | 99,8 | 41,6 |
| Мүлктү колдонуудагы бузуулар жана кемчиликтер | 25,4 | 10,6 |
| Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар | 94,4 | 39,4 |
| Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамды бузуулар | 0,5 | 0,2 |
| **Бардыгы** | **239,7** | **100** |


## 2.3. Аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Эсептөө палатасы аудит объектисине милдеттүү түрдө аткаруу болуп эсептелген жазма буйруктарды берүүгө укуктуу. Эреже катары, жазма буйрук өзүнө каржы бузууларынын калыбына келтирүүгө тиешелүү суммаларын, ошондой эле каражаттарды чыгымдоодогу аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштарды жана ченемдик укуктук актылардагы карама-каршылыктарды, тигил же бул бузууларга жол берген жоопту адамдардын жоопкерчилигин кароо жөнүндө сунуштарды камтыйт. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, аудит объектисине тиешелүү сунуштамаларды жөнөтөт.

2022-жылы жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча аудит объектилерине **340 жазма буйруктар** жана **175 сунуштамалар** жөнөтүлгөн.

Жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен толук аткарылган - 132 (38,8%), жарым-жартылай аткарылган - 81 (23,8%), аткарууда - 127 жазма буйрук (37,4%).

*10-диаграмма.2022-жылга жазма буйруктардын аткарылышы (саны)*




Аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын талаптагыдай аткарылышына мониторинг жүргүзүү, артыкчылыктуу багыттардын бири болуп эсептелет жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдүн, ошондой эле аудит жүргүзүү процессине түздөн түз тартылган кызматкерлердин өзгөчө көзөмөлүндө тураарын, белгилей кетүү керек. Алсак, аудиттин программасын түзүүдө, мурунку мезгилдеги аудиттин жыйынтыгы боюнча аудит объектилеринин дарегине жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы маселеси дайыма эске алынат. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын Кеңешинин кезектеги отурумдарында жүргүзүлгөн аудитттердин жыйынтыктарын кароо жана отчетторду бекитүүдө, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы жөнүндө аудит объектилеринин жетекчилеринин маалыматы угулат.

Жүргүзүлгөн аудиттерде аныкталган бузуулардын ири суммалары жана жазма буйруктар менен калыбына келтирилүүгө тийиш болгондор төмөндөгүлөрдү түзгөн: Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондуна - 1 263,5 млн сом жана “Кумтөр Голд Компаниясы” ЖАКсына – 1 121,3 млн сом, же жазма буйрук боюнча кайтарылууга тиешелүү жалпы суммадан 55,3%.

Отчеттук жылы аудит объектилери тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруу менен, 37 кызматтагы адамдар тартип жоопкерчилигине тартылган, анын ичинен, 22 кызматтагы адам ээлеген кызматынан бошотулган.

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен өз ара аркеттенишүү алкагында, Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын өз учурунда аткарылышына Министрлер Кабинети менен кызматташуу аркылуу каржылык тартипти жакшыртуу максатында, Эсептөө палатасы 2022-жыл ичинде аудит объектилери тарабынан жазма буйруктардын аткарылышы жөнүндө маалыматты квартал сайын Министрлер Кабинетинин дарегине жөнөтүп турган.

## 3. Отчеттук жылга карата республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттердин негизги аспекттери

### 3.1. Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, бардык олуттуу аспекттерде 2021-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышы, төмөндө жазылган позициялардан сырткары, мыйзам талаптарына туура келген:

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 14-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (мындан ары – Финмин) 2021-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун топтолгон бюджеттин ресурстук бөлүгүнө, мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетко тиешеси жок жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин ченемдерине ылайык өз алдынча түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун (мындан ары - Соцфонд) жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – ММКФ) жалпы 312,2 млрд сом суммасындагы бюджеттерин киргизген.

2021-жылга карата республикалык бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 187,4 млрд сомду же планга карата 99,6%ды түзгөн. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, кирешелер 52,9 млрд сомго же 39,3%га көбөйгөн. Финансылык эмес активдер менен жүргүзүлгөн операциялардан келип түшкөн каражаттар 3,0 млн сомду түзгөн (транспорттук каражаттарды сатуудан).

2021-жылдын январь-декабрь айына карата республикалык бюджеттен жыйынды чыгымдардын жалпы көлөмү 191,0 млрд сомду түзгөн. 2020-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, республикалык бюджеттин кирешелери 36,5 млрд сомго көбөйгөн (анын ичинен: бюджеттик каражаттар – 26,0 млрд сом, атайын каражаттар – 3,9 млрд сом, МИП каражаттары – 6,7 млрд сом).

2021-жылга бюджет жөнүндө бекитилген Мыйзам менен, тартыштыктын чектелген өлчөмү 8,5 млрд сом суммасында, такталган Мыйзамда - 19,2 млрд сом суммасында белгиленген.

2021-жылы республикалык бюджеттин аткарылышы кирешелер боюнча 187,4 млрд сомду (99,6%), чыгашалар боюнча 191,0 млрд сомду (92,1%) түздү. Бюджеттин тартыштыгынын чектик өлчөмү 3,5 млрд сомду түздү.

(млн сом)

| **Операциялык иштер менен байланышкан акча каражаттарынын агымы** | **2021-жыл (бекит. бюджет)** | **2021-жыл (такт. бюджет)** | **2021-жыл (факт)** | **Четтөө** | **% аткаруу** |
|---|---|---|---|---|---|
| Кирешелер | 172 891,6 | 188 189,6 | 187 439,7 | -749,9 | 99,6 |
| Чыгымдар *(Финансылык активдерди эсепке алынбаганда)* | 181 354,8 | 207 400,6 | 190 981,9 | -16 418,6 | 92,1 |
| Тартыштык | -8 463,2 | -19 211,0 | **-3 542,2** | 15 668,8 | 18,4 |

Министрликтер жана ведомстволор тарабынан эмгек акы боюнча негизсиз берилген эсептөөлөрдүн натыйжасында “Эмгек акы” беренеси боюнча бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттарын ашыкча каржылоо 48,7 млн сомду түзгөн.

2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилген, жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчанын көлөмү 500,0 млн сомду түзгөн, бул болсо, бир айлык орточо эмгек акы фондунан 8,5 эсе аз (4,2 млрд сом/0,5 млрд сом). КР Бюджеттик кодексинин 110-беренеси, эмгек акы фондунун бир айлык көлөмүнүн чегинде жүгүртүүдөгү кассалык накталай акчалардын көлөмүн карайт. Эмгек акынын такталган жылдык фонду 50,9 млрд сомду же айына орточо 4,2 млрд сомду түзгөн. Энергетика жана экономика илимий-изилдөө институту (мындан ары - ЭЭИИИ) жана "Энергодолбоор" Кыргыз мамлекеттик илим-изилдөө жана долбоордук-издеп табуу институту (мындан ары – “Энергодолбоор”) 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 14-беренесинин казыналыктын тутумунан сырткары бардык эсептерди жабуу бөлүгүн аткарган эмес. Жылдын аягында казыналыктын тутумунан сырткары эсептерде ЭЭИИИ боюнча - 0,3 млн сом, “Энергодолбоор” боюнча - 3,9 млн сом болгон.

Финансылык органдар тарабынан кредиттик карыздан дебитордук карыздын ашырууларын жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык калдыктарын чегерүүнүн жоктугунан, айрым мамлекеттик органдарда товардык-материалдык баалуулуктардын жалпы 63,0 млн сом суммасындагы ченемден ашык корлору жана алыш-бериш эсептеринде жалпы 28,0 млн сом калдыктары аныкталган. Аудиттин жүрүшүндө Финансы министрлигинин маалымкат билдирүүсү менен, ченемден ашык корлордун калдыктары 20,5 млн сомго жана эсептөөлөр 3,5 млн сомго азайтылган.

КР Өкмөтүнүн 28.10.2017-жылдагы №709 токтому менен бекитилген, “Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик системасы жөнүндө” Жобонун 8-пунктун бузуу менен, “Инфо-Система” МИ (андан ары – “Инфоком” МИге кошулган) өзүнүн алыш-бериш эсептеринде бюджеттик каражаттарды топтоо түрүндө техникалык операторго таандык эмес функцияны факты жүзүндө аткарган. Электрондук төлөмдөрдүн мамлекеттик системасынын катышуучуларынын иш-аракеттеринин натыйжасында, бюджеттин жоготуусу 0,1 млн сомду түзгөн.

2019-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгына чегерилүүгө тийиш болгон жана салык, салык эмес төлөмдөрдөн келип түшкөн 2,1 млн сом суммасындагы каражаттар, Техникалык оператор тарабынан өзүнүн алыш-бериш эсебине негизсиз чегерилген, анын ичинен, 1,0 млн сом кайтарылган, калдык - 1,1 млн сом.

2021-жылга карата “Төлөм жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн” статусу менен 2,7 млн сом суммасындагы 1 398 төлөм болгон, алар КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 5-бөлүгүн бузуу менен, бирдиктүү казыналык эсепке чегерилген эмес.

КР Өкмөтүнүн 15.11.2021-жылдагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүндө штаттан ашык 6 бирдик аныкталган, аларды каржылоого республикалык бюджеттен 1,1 млн сом чыгымдалган.

Чыгымдарга керектөөлөрдү тастыктаган керектүү эсептөөлөр жок туруп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматын, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматын, Кыргыз Республикасынын Президентине

караштуу Улуттук стратегиялык изилдөө институтун, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотун каржылоого чыгымдар сметасы боюнча ашыкча бөлүнгөн бюджеттик каражаттар, транспорттук жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, имараттардын ижарасы боюнча 1,3 млн сомду түзгөн.

Тиешелүү эсептөөлөр жок туруп, 2021-жылга окуу жайларынын чыгымдар сметасы түзүлгөн (бюджеттик жана контракттык негизде окуган окуучулардын контингентин эсептөөлөр жок), натыйжада, контракттык негизде окуучуларды окутуу боюнча чыгымдар, бюджеттик каражаттардын эсебинен жалпы 86,7 млн сом суммасында каржыланган.

Жыл аягында, СоцФонд менен Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин (мындан ары – ЭСКММ) эсептеринде пайдаланылбаган 399,6 млн сом калган, анын ичинен, аудиттин жүрүшүндө СоцФонд тарабынан бюджетке 380,8 млн сом чегерилген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – Улуттук статком) кызматкерлеринин штаттан ашык саны, аларды каржылоо боюнча 2,4 млн сом чыгымдар менен 10 бирдикти түзгөн.

КР Өкмөтүнүн 23.03.2021-жылдагы №112 токтому менен каралган, штаттык санды кыскартуунун натыйжасында алынган, үнөмдөлгөн бюджеттик каражаттарды республикалык бюджетке чегерүү, Улуттук статком тарабынан толук көлөмдө аткарылган эмес. Чегерилүүгө каралган 2,7 млн сом суммасынын ичинен, бюджетке 2,6 млн сом чегерилген же 0,1 млн сом жеткире чегерилген эмес.

Мамлекеттик 3 заказчы боюнча (Турак жай-жарандык курулуш департаменти, Жол чарба департаменти жана Суу ресурстары мамлекеттик агенттиги) дебитордук карыз 01.01.2021-жылга карата – 2,3 млрд сомду жана 31.12.2021-жылга карата – 2,8 млрд сомду түзгөн, же жыл башына салыштырмалуу карыздын өсүшү 496,3 млн сомду (21,2%) түзгөн.

Реалдуу керектөөнү изилдебестен жана аткарылган иштердин актылары жок туруп, объектилер боюнча 151,0 млн сомго каржылоо аныкталган.

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин көлөмүнүн аныктыгына жүргүзүлгөн тандалма аудитте, региондордогу объектилерде нарктарды 14,1 млн сом суммасында ашыруу аныкталган, калыбына келтирилген сумма болгону 13,5 млн сомду түзгөн.

КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6-пунктун жана 2021-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 14-беренесин бузуу менен, коммерциялык банктардагы калдыктар менен, 01.01.2022-жылга карата төмөндөгүлөр эсептерге ээ болгон: Мамлекеттик салык кызматы - 418,9 миң АКШ доллары жана 2,7 миң сом; Башкы прокуратура - 700,0 АКШ доллары жана 1 500 росс. рублдери (61,0 миң сом); Тышкы иштер министрлиги - 3 492,0 миң сом (10.01.2022-жылы БКЭге чегерилген).

Бюджеттик каражаттарды алуучунун (БКА) картасы боюнча операция жүргүзүүгө тыюу салууну караган, Финансы министрлигинин 28.09.2017-жылдагы №131 буйругу менен бекитилген, “Төлөм картасын чыгарууну жана аны менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү уюштуруу боюнча иш тартиби жөнүндө” Жобонун 20-пунктун бузуу менен, БКА картасы боюнча 17,5 млн сом суммасында чыгымдар жүргүзүлгөн (аудиттин жүрүшүндө республикалык бюджеттин кирешесине 17,5 млн сом чегерилген).

31.12.2021-жылга карата “Ачыкталбаган суммалар” эсебинде 9,8 млн сом болгон, ал аудит жүргүзүү мезгилинде республикалык бюджеттин кирешесине чегерилген.

КР Бюджеттик кодексинин 6 жана 106-беренелерин бузуу менен, Жаратылышты өнүктүрүү фондунун жана Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунун 6,8 млн АКШ доллары (459,8 млн сомов)

суммасындагы каражаттары, Борбордук казыналыктын Бирдиктүү казыналык эсебине которулган эмес.

Программалык негизде бюджеттөөнү жакшыртуу боюнча чыгымдалган 0,6 млн АКШ доллары суммасындагы гранттык каражаттар, коюлган максаттарга карабастан, талаптагыдай натыйжа берген эмес. Программалар жана чаралар боюнча гана бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды бөлүү аркылуу программалык бюджеттөөнү күчөтүү бөлүгүндө реформалар иш жүзүнө ашырылган эмес. Бюджетти бөлүштүрүү жөнүндө чечимдер, бюджеттик программаларды жана алардын болжолдуу жыйынтыктарын эске албастан кабыл алынган.

31.12.2021-жылга карата мамлекеттик карыздын өлчөмү 5 150,94 млн АКШ долларын (436,6 млрд сом) түзгөн, анын ичинен:

- мамлекеттик тышкы карыз - 4,3 млрд АКШ доллары (364,3 млрд сом), же 83,4%;
- мамлекеттик ички карыз - 852,64 млн АКШ доллары (72,3 млрд сом), же 16,6%.

2021-жылга ИДПга карата мамлекеттик тышкы карыздын катышы 50,38%ды түзгөн. 2021-жылга ИДПга карата мамлекеттик карыз 60,38%ды түзгөн.

2021-жылы жалпы 353,1 млн АКШ доллары (121,2 млн АКШ доллары - гранттар, 231,9 млн АКШ доллары – кредиттер).

Бул каражаттардын ичинен каржылоонун ири көлөмүн төмөндөгүдөй тармактар алган: транспорт - 142,5 млн АКШ доллары же бардык жардамдан 40,0%, экономика – 80,0 млн АКШ доллары (22,6%), саламаттык сактоо – 45,0 млн АКШ доллары же 12,7%, өзгөчө кырдаалдар – 35,0 млн АКШ доллары, же кол коюлган кредиттик/гранттык макулдашуулардын жалпы суммасынан 9,9%.

Тышкы каржылоо боюнча мамлекеттик инвестициялар долбоорлорунун бюджеттеринин аткарылышы ички кредиттик каражаттардан - 83,4%ды түзгөн, же 3,6 млрд сом өздөштүрүлгөн эмес, гранттык каражаттардан - 78,8% же 2,3 млрд сом өздөштүрүлгөн эмес; ички каржылоо боюнча 237,0 млн сом өздөштүрүлгөн эмес, же республикалык бюджеттен кошо каржылоо суммасынан 14,5%.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бюджетке салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча өз милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылган шартта, бюджеттик кредитти зайымчыга берүүнү караган КР Бюджеттик кодексинин 31-беренесинин 2-пунктун сактабастан, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10.12.2021-жылдагы №326-б буйругуна ылайык, 2018-2020-жылдар ичиндеги таза кирешени чегерүү боюнча бюджет алдындагы карызды төлөө үчүн, “Кыргыз темир жолу” Улуттук компаниясы” МИге 500,0 млн сом бөлүнгөн.

2021-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто, “Тараз-Талас авто жолу” III фаза долбоору боюнча Сауд өнүктүрүү фондунун кредити боюнча мамлекеттик карызды аткаруу жөнүндө маалыматтар, негизги сумма боюнча 21,2 млн сомго жана пайыздар боюнча 3,1 млн сомго бурмаланган, 21,2 млн сом өлчөмүндөгү сумма пайыздарды төлөө катары, ал эми 3,1 млн сом негизги сумма катары көрсөтүлгөн.

*Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет менен бул жерден толук таанышсаңыз болот*

### 3.2. 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун

бюджетинин аткарылышы бардык олуттуу аспекттерде, төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келет.

“Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 23,2 млрд сом суммасында каралган. Бирок, жогорудагы мыйзам менен, 878,5 млн сом суммасында көбөйтүлүп, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары 24,1 млрд сом суммасында бекитилген, же “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен "Кыргыз Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ортосунда, республикалык бюджеттен Социалдык фондуна бөлүнгөн акча каражаттары бөлүгүндө айырма бар.

2022-жылдын биринчи кварталы аяктаганда республикалык бюджеттин каражаттарынын пайдаланылышына салыштыруу жүргүзүлгөн, ал жерде салыштыруу актысына ылайык, пайдаланылбаган каражаттардын калдыгы 380,8 млн сомдон ашык каражатты түзгөн, алар коммерциялык банктын (“Айыл-Банк” ААК) алыш-бериш эсебинде 3 айдан ашык турган, бул болсо, республикалык бюджеттин каражаттарын рационалдуу эмес тартууга алып келет (КР Бюджеттик кодексинин 56 жана 106-беренелери).

Республикалык бюджеттин каражаттарынын калдыктарына 2,8 млн сомго пайыздар эсептелиши керек эле, алар пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн, Пенсиялык фонддун кирешелеринин резервдери болуп эсептелет.

Республикалык бюджеттин эсебинен 161,7 млн сом суммасындагы пенсиялык жана компенсациялык төлөмдөрдү жеткирүү жана которуу боюнча чыгымдар, КР Бюджеттик классификациясынын тиешелүү чыгымдар беренеси менен, республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча отчеттук маалыматтарда жана ченемдик актыларда көрсөтүлгөн эмес.

2021-жылга Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчет менен (46,7 млн сом) Өнүктүрүү фондунун чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун (56,7 млн сом) ортосунда 10,0 млн сом суммасында дал келбестиктер орун алган. Отчеттордун ортосундагы айырма “Күндөлүк чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдары сатып алуу” беренеси боюнча регионалдык башкармалыктардын каражаттарын кайтаруу катары, борбордук аппараттын өнүктүрүү фондунан регионалдык башкармалыктарды өнүктүрүү фондуна чегерүү менен байланыштуу пайда болгон. Ошону менен бирге, бул чыгымдар КР Бюджеттик классификациясынын аталган беренесине туура келбейт. Өнүктүрүү фондунун чыгымдарынын КР Бюджеттик классификациясынын беренесине туура келбегендиги жалпы 2,1 млн сом суммасын түзгөн.

Эмгек акы боюнча ашыкча чыгымдар жана ашык төлөөлөр 9,4 млн сомду түзгөн. 01.01.2022-жылга карата пайдаланылбаган каражаттардын калдыктары 0,3 млн сом суммасын түзүп, алар алыш-бериштин күндөлүк эсебинен (административдик чыгымдар) топтоо эсебине (пенсиялык каражаттар) чегерилген эмес, алар пенсиялык каражаттардын резервдери болуп эсептелет.

Бекитилген түзүмдүн жетектөөчү кызмат курамы, башкы жана жетектөөчү адис кызматтары белгиленген ченемдерине туура келбегендиге байланыштуу, Социалдык фондунун эмгек фондун жогорулатуу, эсеп деңгээлинде 9,1 млн сомду түзгөн.

Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү тартибин сактабастан туруп, негизги каражаттар толук эскирип бүтө электе мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилген 1,1 млн сом суммасындагы негизги каражаттарды

эсептен чыгаруу жөнүндө актылардын негиздемелеринин жоктугу менен, чыгымдарга киргизилген.

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү бузуулар - 2,1 млн сом (конкурс өткөрүлбөстөн жана бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн чыгымдар жүргүзүлгөн) жана бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу, 0,1 млн сом суммасын түзгөн.

Бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карыз боюнча иш жана эсепке алуу жетишсиз жүргүзүлүүдө, мисалы, 9 жылдан ашык чаралар көрүлбөстөн, жумуштан бошонгон материалдык жактан жоопту адамдарга карата 3,8 млн сом суммасындагы карыз, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын дарегине буудай данын берүү боюнча туумдарды эсепке алуу менен 55,2 млн сом суммасында дебитордук карыз бар, айрым соттук иштер боюнча иштер 2009-жылдан тартып токтотулган.

*2021-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө бул жерден толук таанышсаңыз болот*

### 3.3. 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы

ММКФнын бюджетин кирешелер боюнча аткаруу 19,5 млрд сомду (98,6%), чыгымдар боюнча - 18,9 млрд сомду (96,1%) түзгөн. 2021-жылдын жыйынтыктары боюнча 491,7 млн сом калдык калгандыгы аудит тарабынан аныкталган, бирок, “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунда калдык 352,2 млн сом суммасында көрсөтүлгөн. Ошентип, жыл аягындагы 139,5 млн сом калдыктары көрсөтүлгөн Мыйзам долбоору так эмес.

Республикалык бюджеттен траснферттердин эсебинен ММКФнын бюджети 3,6 млрд сомго көбөйгөнүнө карабастан, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучулар алдындагы милдеттенмелерден качууга мүмкүн эмес болгон, алар 01.01.2022-жылга карата 383,2 млн сомду түзгөн.

Республикалык бюджеттен трансферттерди көбөйтүү, негизинен, ММКФнын штаттык санын кармоо чыгымдарынын өсүшүнө байланыштуу болгон.

Ошол эле учурда, аудит тарабынан төмөндөгүлөр белгиленген, пенсионерлер, 16 жашка чейинки балдар, социалдык жөлөк пул алган адамдар, жумушсуз жарандар, студенттер жана аскер кызматчылары үчүн, республикалык бюджеттен бөлүнгөн компенсациялардын өлчөмү 1,5 эсепти көрсөткүч же жылына 1 адамга 150 сом 2000-жылдан бери өзгөргөн эмес.

Учурда, милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча камсыздандырылган адамдарын базасы, республиканын калкынын санынан 70,6%ды түзөт, бул дагы ММКФнын бюджетинин киреше бөлүгүндө көрүнөт.

2021-жылы 47,8 млн сомду түзгөн, келип түшкөн милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынын ичинен 1,5%га чейин Социалдык фонд тарабынан кармалат, мында, Социалдык фондунун алыш-бериш эсептеринде 17 айга чейин милдеттүү медициналык камсыздандыруунун чегерилбеген 20,5 млн сом каражаттары турган.

Аудит тарабынан төмөндөгүлөр белгиленген, 2021-жылы саламаттык сактоо системасында гана эмгек акыны жогорулатууга кошумча 1,6 млрд сом бөлүнгөн, демек, социалдык чегерүүлөр суммалары көбөйгөн. Бирок, “Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоолор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен "Кыргыз

Республикасынын 2021-жылга республикалык бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолдоолор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына тиешелүү өзгөрүүлөр киргизилген эмес. Алсак, ММКФны каржылоо суммасы 2020-жылдагы деңгээлде - 2,7 млрд сомго бекитилген.

ММКФнын бир кыйла чыгымдары эмгек акыларга жана медикаменттерге чыгымдалат, алардын деңгээли 65%дан жогоруну түзөт.

30,0 млн сомду түзгөн эмгек акыларга чыгымдар боюнча көптөгөн бузуулар аудит тарабынан аныкталган, ал жерде, олуттуу бөлүктү укуктук ченемдик актыларды бузуу менен төлөмдөр (сый акылар, компьютерде иштеген зыяндуу шарттар үчүн ж.б.у.с.) ээлейт.

Саламаттык сактоо уюмдарында штаттык сандарды түзүүдө көйгөйлөр орун алган. Алсак, 2022-жылдын башында республика боюнча 5 800 бош кызмат орду болгон, анын ичинен, Бишкек шаарында гана – 2 200 штаттык бирдик. Буга байланыштуу, ММКФ Бирдиктүү төлөөчү тутумундагы келишим негизинде өз ишин жүргүзүүгө жана башкаруучу, финансылык өз алдынчалыкка ылайык штаттык санды түзүү маселесин актуалдаштыруу керек.

2021-жылы 5,1 млрд сом медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды чыгымдоодо, түздөн түз дары-дармек препараттарына чыгымдар 30%дан кем эмести түзөт, ал эми 70%дан ашыгы жеке коргонуу каражаттарына, эритмелерге, реактивдерге, спитрттерге ж.б.у.с. туура келген. Көрсөтүлгөндөр, саламаттык сактоо мекемелеринде бейтаптардын өздөрү медикаменттерди сатып алуудан баш тартыша албай тургандыгын күбөлөндүрөт.

Калдыктарда калган медикаменттердин калдыктары бир кыйла болгон, алар 2021-жылдын аягында 2,7 млрд сомду же медикаменттерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууда жылдык кассалык чыгымдарга барабар сумманы түзгөн. Жогорку технологиялар фондунун эсебинен сатылып алынган, жылдап колдонула турган дары-дармектер (иммуносупресанттар) жөнүндө айтуу керек.

Жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин (мындан ары- Саламаттык сактоо министрлиги) бөлүштүрүү жөнүндө документтери боюнча медициналык мекемелерге, КР ӨКМ караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун (мындан ары - Мамматрезервдер фонду) моблизациялык резервинен брондон чыгарылган 207,3 млн сомго дары-дармек каражаттары келип түшкөн факт белгиленген. Мекемелер тарабынан Мамматрезервдер фондуна алардын 181,4 миң сом нарк кайтарылган. Бул дары-дармек каражаттары COVID-19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүү жана алдын алуу боюнча иш-чаралар алкагында брондон чыгарылгандыктан, аудиттин пикири боюнча, алардын наркы ММКФнын бюджетинен эмес, республикалык бюджеттен кайтарылышы керек.

Саламаттык сактоо министрлигинин жана ММКФнын жооптуу кызматкерлери тарабынан керектүү дары-дармектер менен камсыздоо маселесин уюштуруу, талаптагыдай деңгээлде жүргүзүлгөн эмес. Алсак, медикаменттерди жеткирүү дары-дармек каражаттарынын зарылдыгын эске албастан, ошондой эле, аларга болгон керектөөлөр боюнча тиешелүү эсептөөлөр жүргүзүлбөстөн жана такталбастан жүргүзүлгөн.

ММКФнын каражаттарынын эсебинен, наркы 8,0 млн сомдук, хирургиялык офтальмологиялык “VISION” аппаратын алуу фактысын белгилей кетүү керек, ал иштетүү үчүн керектүү чыгымдык материалдардын жоктугунан 2019-жылдан бери пайдаланылбай турат, ал жерде көрсөтүлгөн жабдууну сатып алган адамдардын жоопкерчилигин кароо зарылдыгы турат.

*2021-жылга Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттик жана башка каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчет менен бул жерден таанышсаңыз болот.*

## 4. Эксперттик-аналитикалык жана контролдук иш чаралардын жыйынтыктары

### 4.1. 17.05.2021-жылдан 30.06.2022-жылга чейин убактылуу сырттан башкаруу мезгил аралыгына карата “Кумтөр Голд Компаниясы” Жабык акционердик коомуна жүргүзүлгөн аудит

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен, “Кумтөр Голд Компаниясы” Жабык акционердик коомунун (мындан ары – “КГК” ЖАК) Уставынын 7-беренесин бузуу менен, “КГК” ЖАКынын кезектеги ишине байланышпаган, “Улуу Көчмөндөр Мурасы" Улуттук холдинг компаниясы" ААКсынын долбоорлоруна 1 908,8 миң АКШ доллары суммасындагы акча каражаттары төлөнгөн. Анын ичинен, жергиликтүү жана чет элдик жумушчулардын, ошондой эле контракттык негизде тартылган жумушчулардын эмгек акылары гана 1 731,7 миң АКШ долларын түзгөн. Ошондой эле, кеңсе жана эмеректердин ижарасына 129,2 миң АКШ доллары төлөнгөн. IT адисинин кызматына жана башка чыгымдар 47,9 миң АКШ долларын түзгөн.

2021-жылы “КГК” ЖАКынын штаттык жүгүртмөсү боюнча 2 928 бирдик болгон, 2022-жылдын апрелинен тартып 4 028 бирдикке чейин көбөйгөн, б.а. “КГК” ЖАКынын кызматкерлеринин штаттык санынын көбөйүүсү, 2021-жылга салыштырмалуу 2022-жылы 1 100 бирдикти (137,5%) түзгөн. 30.06.2022-жылга карата иштеген штаттык бирдиктер 3 034 бирдик болсо, бош кызмат орду - 994 штаттык бирдиктер болгон.

2021-жылдын майынан тартып 2022-жылдын июнуна чейин, контракттын негизинде ишке тартылган, штаттан ашык жумушчуларга 40,7 млн сом эсептелген жана төлөнгөн.

“КГК” ЖАКынын жетекчилеринин жана чет элдик жумушчуларынын (38 адам) бир айлык эмгек акысы 2022-жылдын 17-майына карата - 310,0 миң АКШ долларын, 2022-жылдын 30-июнуна карата (37 адам, ЖАКтын жетекчилигинин 4 мүчөсүн камтуу менен) - 439,7 миң АКШ долларын түзгөн, б.а. 129,7 миң АКШ долларына көбөйгөн. Чет элдик адистер инструктор-механик, коопсуздук боюнча менеджер, кендин менеджери, пландоо жана колдоо боюнча консультант кызматтарын ээлешкен, ал эми 2022-жылы алардын айрымдары кыскарган жана жаңы кызматтар киргизилген: айына 23,1 миң АКШ долларындагы эмгек акы менен стратегиялык маселелер боюнча кеңешчи, долбоордун менеджери – айына 22,2 миң АКШ долларындагы айлык менен ж.б.у.с. Алардын иши боюнча отчетторду берүү практикасы жок.

Сырттан башкаруу мезгил аралыгына карата, “КГК” ЖАКынын жетекчилигине жана чет элдик адистерге эмгек акыны эсептөө боюнча көрсөтүлгөн кызматы үчүн, “Бейкер Тилли Бишкек” ЖЧКсына 2,5 млн сом төлөнгөн.

Чет элдик жумушчулар үчүн турак жайды ижарага алуу чыгымдары, 2021-жылдын сентябрынан башталып 10,1 миң АКШ доллары төлөнгөн, ал эми 2022-жылдын январь-июнь айларына карата 39,0 миң АКШ доллары төлөнгөн.

Пайдаланылбаган эмгек өргүүдөн сырткары, жумуш берүүчү кандайдыр бир компенсацияны (акчалай төлөмдөрдү) төлөөгө милдеттүү эместиги көрсөтүлгөн,

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 80-беренесин бузуу менен, жумушчуларды бошотууда мыйзамсыз төлөмдөр 167,9 млн сомду түзгөн.

"КГК" ЖАКынын кеңсесинин аянтын көбөйтүү зарылдыгына, керектүү сандагы жумуш орундарын аныктоого жүргүзүлгөн талдоо, ошондой эле ижарага алынган кеңселердин жана жайлардын бааларына мониторинг үстүртөн жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, “Учкун” ААКсындагы ижарага алынган аянттарды кеңейтүү мүмкүнчүлүгү маселеси каралган эмес. "КГК" ЖАКынын жооптуу кызматкерлеринин 2021-жылдын 11-августундагы кеңсе ижарасы боюнча чечим экономикалык жактан максатка ылайыксыздыгы жана Компаниянын чыгымдарын 4 (төрт) эсе жогорулатууга алып келери жөнүндө кызматтык каты, убактылуу сырткы башкаруучу тарабынан эске алынган эмес. "КГК" ЖАКы менен “Авигея” ЖЧКсынын ортосунда 38,4 миң АКШ доллары суммасында түзүлгөн, “Орион” бизнес борборундагы кеңсенин дизайн долбоорун иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү жөнүндө келишим 15.10.2021-жылы түзүлгөн жана 22.10.2021-жылы 11,5 миң АКШ доллары суммасында биринчи төлөм чегерилген, ал эми 40 күндөн кийин, “Орион” ЖЧКсы менен ижара келишими жөнүндө 23.11.2021-жылдагы келишим түзүлгөн. “Орион” бизнес борборундагы кеңсени жасалгалоого дизайнердик кызмат көрсөтүү боюнча “Авигея” ЖЧКсы менен келишим түзүлгөнгө чейин, "КГК" ЖАКынын колдонууга жарактуу эмеректерин эске алуу менен, дизайндын долбоорун иштеп чыгууну баштаган “Франклин” ЖЧКсы тартылган. Анын кызмат көрсөтүүсүнө 142,5 миң сом же 1,7 миң АКШ доллары суммасында (келишимдин жалпы суммасы – 3,9 миң АКШ доллары) жарым-жартылай төлөм жүргүзүлгөндүгүнө карабастан бул долбоорчу менен келишим негизсиз түрдө бузулган. Натыйжада, дизайнердик кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдарды көбөйтүүдөн (он эсе) сырткары, эмеректерди сатып алууга, жеткирүүгө жана орнотууга 114,3 млн сом (1 430,0 миң АКШ доллары) өлчөмүндө чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен, 354,3 миң евро (30,0 млн сомго жакын) жетекчинин кабинетин жабдуу үчүн, Италия эмеректерин сатып алууга чыгымдалган. “Орион” бизнес борборундагы кеңсени жасалгалоого башка кезектеги чыгымдар 62,9 млн сомду (790,0 миң АКШ доллары) түзгөн. Жаңы кеңсени жасалгалоо менен байланышкан бардык чыгымдар 179,7 млн сомду (2 260,0 миң АКШ доллары) түзгөн. 5 119,4 кв.м. аянттагы кеңсе жайларынын ижарасы үчүн жалпы нарк айына 95,2 миң АКШ долларын түзгөн, кошумча нарк салыгын эске алуу менен, айына 106,6 миң АКШ долларын түзгөн ( “Учкун” ААКсында бир айлык ижара акы – 28,3 миң АКШ долларын түзгөн). “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ААКсы жана "КГК" ЖАКы үчүн, “Орион” бизнес борборундагы кеңсенин ижарасынын жыл сайынкы төлөмү 1 279,3 миң АКШ долларына жакын сумманы түзгөн, бул болсо, “Учкун” ААКсындагы жылдык ижара наркына салыштырмалуу (339,5 миң АКШ доллары) 939,8 миң АКШ долларына көп (3,8 эсе). “Учкун” ААКсындагы ижарага алынган имараттагы 780,9 кв.м. көмөкчү жайдын (дааратаканалар, коридорлор, чай иче турган бөлмөлөр) ижарасынын наркы КНСти эсепке алуу менен, квадрат метр үчүн 210 сомдон – абдан төмөн баа менен төлөнгөн, ал эми “Орион” бизнес борборундагы көмөкчү жайлардын жана коридорлордун ижарасы жалпы баа боюнча эсептелген, б.а. квадрат метр үчүн 17 АКШ долларынан 20 АКШ долларына чейин. "КГК" ЖАКы тарабынан 25.11.2021-жылдан 01.08.2022-жылга чейинки мезгил аралыгына карата биринчи алты айга алдын ала төлөө катары 59,4 млн сом суммасындагы акча каражаттары которулган. 3 033,8 кв. м. үчүн ижара акысын жарым-жартылай төмөндөтүү жөнүндө киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 73, 9 миң АКШ доллары суммасындагы алдын ала төлөө, Кошумча макулдашуунун 2-пунктуна ылайык, кайрадан эсептелүүгө жана ижара акысынын ай сайынкы наркы боюнча чегерилүүгө тийиш.

Долбоор боюнча 492 жумушчу орунду (Холдингди эске алуу менен) жумушчулар менен толтуруу 67,7%ды түзгөн, алсак, 492 жумушчу орундун ичинен факты

жүзүндө 333 ээленген, 3-кабат жарым-жартылай ээленген, 4-кабат толугу менен бош турган (“Орион” кеңсесинин 3-4-кабаттары башында “Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ААК тарабынан пайдалануу үчүн багытталган).

Убактылуу сырттан башкаруу киргизилген учурдан тартып, "КГК" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан Коомдун дебиторлорунун жана кредиторлорунун эсептери боюнча салыштыруу жана активдерди инвентаризациялоо жүргүзүлгөн эмес. Аудит мезгилинде 2022-жылдын 22-июнунда буйрук чыккан жана Кумтөр кенинде жана “Перевалочный база” объектилериндеги негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентариазациялоо боюнча комиссия түзүлгөн. Алсак, инвентариазциялоонун жыйынтыгы боюнча, баланстык наркы 3,4 миң АКШ доллары, 7 500 кг Кальций хлориддин реагенттеринин ашыктыгы аныкталган. "КГК" ЖАКынын жетекчилиги тарабынан, өндүрүштөгү эскирген жана колдонулбаган 37,9 млн АКШ доллары суммасындагы товардык-материалдык корлорду (1995-жылдан 2020-жылга чейинки) сатуу боюнча чаралар көрүлгөн эмес, аларга 25,9 млн АКШ доллары суммасында, анын ичинен, аудит мезгил ичинде 3,5 млн АКШ доллары суммасында баасыздандырууга резервдер эсептелген. Анын натыйжасында, резервди түзүү боюнча чыгымдар, чыгашаларга киргизилген жана продукциянын өздүк наркына кошулган, ошону менен, отчеттук мезгил ичинде компаниянын кирешеси азайтылган. "КГК" ЖАКынын кампасында 150,7 миң АКШ доллары суммасында ар кандай майлоочу майлары жана жарактуулук мөөнөтү өтүп кеткен, 0,3 миң АКШ доллары суммасындагы реагенттер бар болгон.

Убактылуу сырттан башкаруу мезгилинде 214,1 миң АКШ долларындагы баланстык наркы менен, "КГК" ЖАКынын балансында турган 5 автомашина ар кандай уюмдарга убактылуу акысыз пайдаланууга берилген, алар:

- Төмөнкү Серафимовка социалдык стационардык мекемеге (Тойота-вен, 2011-жылы чыгарылган);
- “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фонду” КФга (Мерседес-бенц S350, 2011-жылы чыгарылган);
- Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөлдөө министрлигине (Тойота ленд крузер-200, 2014-жылы чыгарылган);
- Суу көйгөйлөрү жана гидроэнергетика институтунун алдындагы Тянь-Шань бийик тоолуу илимий борборуна (УАЗ 3390945, 2015-жылы чыгарылган);
- Жети-Өгүз районунун ИИБсына (УАЗ-фермер, 2015-жылы чыгарылган).

Баштапкы наркы 38,0 миң АКШ доллары болгон, Форд Пикап 4х4 F350 автомашинасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токтой чарбасы мамлекеттик агенттигинин Түп токой чарбасына документтерди тариздебестен, акысыз берилген, аудит учурунда - 14.10.2022-жылы "КГК" ЖАКына кайтарылган.

“КГК" ЖАКы тарабынан “Кырчын” этно-комплексинде, “Дордой Номад” амфитеатрында жана “Кыргызское взморье” санаториясында кызматкерлер жана ишкер өнөктөштөр үчүн, мамлекеттин жетекчилерин тоскон деңгээлдеги программа менен, 800 адамга корпоративдүү иш-чара өткөрүлгөн, анын натыйжасында, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 4,2 млн сомду түзгөн.

Мындан сырткары, чыгымдарды негиздеген документтерди түзүүдө, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн аткарылган иштердин актысы түзүлгөн эмес.

*17.05.2021-жылдан 30.06.2022-жылга чейин убактылуу сырттан башкаруу мезгил аралыгына карата “Кумтөр Голд Компаниясы” Жабык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө толук отчет менен бул жерден таанышсаңыз болот.*

## 4.2. Кыргыз Республикасынын Президентинин тапшырмасы боюнча 2020-жылга “Ишкердик субъекттерди каржылоо” программасын жана 2013-2021-жылдар мезгил аралыгына карата “Айыл чарбасын каржылоо” долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында айыл чарба өндүрүүчүлөрүн, ишкердик субъектилерди жана жеке жактарды кредиттөө үчүн, коммерциялык банктар, адистештирилген финансылык-кредиттик мекемелер тарабынан бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына жүргүзүлгөн аудит

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-апрелдеги ПТ №49 буйругуна жана 2022-жылга КР Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, 01.01.2013-жылдан 31.12.2021-жылга чейинки мезгил аралыгына карата “Айыл чарбасын каржылоо” (мындан ары – “АЧК”) долбоорлорун ишке ашыруу алкагында, айыл чарба өндүрүүчүлөрүн, ишкердик субъектилерди жана жеке жактарды кредиттөө үчүн, коммерциялык банктар, адистештирилген финансылык-кредиттик мекемелер тарабынан бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына аудит жүргүзүлгөн.

Белгиленген аудиттин алкагында, 14 коммерциялык банктар жана адистештирилген финансылык-кредиттик мекемелер тарабынан бөлүнгөн кредиттик каражаттардын пайдаланылышына текшерүү жүргүзүлгөн.

2013-жылдан тартып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен, “АЧК” долбоорлору бекитилет, алардын негизги максаты болуп, айыл жергесиндеги товар өндүрүүчүлөргө жана Кыргыз Республикасынын ишкердик субъекттерине мамлекеттик колдоо көрсөтүү, жазгы талаа айыл чарба жумуштарын өз учурунда жүргүзүү жана өсүмдүк өстүрүүчүлүктү, мал чарбачылыгын, айыл чарбасын кайра иштетүүнү мындан ары өнүктүрүүгө, жеткиликтүү жана жеңилдетилген кредиттик каражаттар менен камсыздоо аркылуу мамлекеттик колдоо көрсөтүү эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтарына ылайык, “АЧК – 1,2,3,4,5,6,7,8,9” долбоорлорун ишке ашыруу алкагында, 2013-жылдан 2021-жылга чейинки мезгил аралыгында коммерциялык банктар жана финансы-кредиттик уюмдар (“Айыл банк” жана “РСК Банк” ААКларынан сырткары) тарабынан берилген кредиттердин жалпы суммасы 12,5 млрд сом суммасын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтары боюнча, жалпы 1,5 млрд сом суммасында жеңилдетилген пайыздык коюмдар боюнча, кредиттерди жайгаштыргандыгы үчүн, коммерциялык банктардын жана финансы-кредиттик уюмдардын чыгымдарын субсидийлөө жүргөн.

“АЧК” долбоорлорун ишке ашыруу алкагында, коммерциялык банктарга жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, жалпы карыз алуучулар тарабынан алынган 73,8 млн сом суммасындагы жеңилдетилген кредиттердин максатсыз пайдалануу фактысы аныкталган. Финансы министрлигине кайтарылууга тийиш болгон субсидийлер суммасы 9,7 млн сомду түзгөн.

Аудиттин жүрүшүндө, түзүлгөн эсептерге ылайык, мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн кредиттер боюнча Финансы министрлигине кайтарылууга тиешелүү субсидиялардын эсептелген суммалары 27,4 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

- “КИКБ” ЖАКы “АЧК-1,2,3,4,5” боюнча сумма 8,9 млн сом;
- “Оптима Банк” ААКсы “АЧК-5” боюнча сумма 7,1 млн сом;
- “Керемет Банк” ААКсы “АЧК-1” жана 2 боюнча сумма 1,3 млн сом;
- “Кыргызстан КБ” ААКсы “АЧК-5,6,7” боюнча сумма 4,6 млн сом;
- “Бакай Банк” ААКсы “АЧК-4,5,6” боюнча сумма 5,5 млн сом.

Белгилей кетсек, берилген жеңилдетилген кредиттер боюнча субсидийлерди эсептөө жана төлөө бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги

тарабынан тийиштүү контролдоо болбогондуктан, айрым коммерциялык банктарга 17,8 млн сом өлчөмүндөгү субсидийлер мөөнөтүнөн мурда чегерилген. Мисалы, 01.01.2022-жылдагы абал боюнча:

- “Оптима Банк” ААКсы – 4,2 млн сом;
- “Капитал Банк Центральной Азии” ААКсы – 6,4 млн сом;
- “КБ Кыргызстан” ААКсы – 7,2 млн сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.06.2020-жылдагы №315 токтому менен, “Ишкердик субъекттерин каржылоо” программасы бекитилген, анын негизги милдети болуп, COVID-19 коронавирус пандемиясынын таасиринен жабыр тарткан кичи жана орто ишкердик субъекттерине, ири субъекттерге, жеңилдетилген кредиттер менен камсыздоо аркылуу финансылык жардам көрсөтүү эсептелет. Бул максатта республикалык бюджеттен, “Ишкердик субъекттерин каржылоо” (мындан ары – “ИСК”) программасында каралган субъекттерди андан ары каржылоо үчүн, төмөн пайыздык коюм менен, коммерциялык банктарга 1,3 млрд сом кредиттик каражаттар бөлүнгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн Программаны ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги берген маалыматтарга ылайык, коммерциялык банктар тарабынан ишкердик субъекттерине жалпы 1,2 млрд сом суммасындагы жеңилдетилген кредиттик каражаттар берилген. 47,6 млн сом суммасындагы өздөштүрүлбөгөн кредиттик ресурстар республикалык бюджетке кайтарылган.

“ИСК” программасы боюнча кредиттик ресурстардын негизги бөлүгү, бизнести колдоого, б.а. жүргүртүүдөгү каражаттарды толтурууга болжолдонгонго карабастан, карыз алуучулардын капиталдык чыгымдарын (негизги каражаттарды сатып алуу, капиталдык курулуш жана оңдоо иштери) каржылоо боюнча бизнести өнүктүрүүгө бөлүнгөн.

Аудиттин жүрүшүндө төмөндөгүлөр аныкталган:

- “Бай-Түшүм банкы” ААКсында республикалык бюджетке эсептелген жоготуулары – кредиттөө коюмун туура эмес колдонуудан 3 кредит боюнча 884,6 миң сом жана “ИСК” программасы боюнча алынган кредиттерди максатсыз пайдалангандыгы үчүн, 7 карыз алуучуга эсептелген 5,7 млн сом суммасындагы айып пул санкциялары аныкталган;
- “Дос-Кредобанк” ААКсында жылдык 6 пайыз менен, 60 айлык мөөнөткө, жүк ташуучу авто чиркегичти сатып алууга 800,0 миң сом суммасындагы кредитти максатсыз пайдалануу аныкталган. “ИСК” программасынын шарттарына ылайык, кредитти максатсыз пайдаланылгандыгы үчүн 94,4 миң сом суммасында айып пул санкциясы эсептелген;

“ИСК” программасын ишке ашыруу алкагында берилген кредиттердин максаттуу пайдалангандыгын тастыктоочу документтерге жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, кредиттердин максаттуу пайдаланылышын тастыктаган документтерди карыз алуучулар тарабынан өз учурунда берилбеген жана толук эмес берилген фактылар аныкталды, аудиттин жүрүшүндө алардын айрымдары берилген.

## 4.3. Евразиялык экономикалык биримдиктин (ЕАЭБ) мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн контролдук биргелешкен иш-чаралар

***Тыштан алынып келингендерге бажы суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды Кеңештин мүчө өлкөлөрүнүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышы боюнча ЕАЭБ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоо жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн контролдук иш-чаралар.***

Отчеттук жылы, Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитети, Казакстан Республикасынын республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча эсептөө комитетинин жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнөн турган топтун курамында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагалыгы алдында, 2021-жылы Армения Республикасынын, Белоруссия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрүнүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколдун сакталышына контролдук иш-чаралар жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн контролдук иш-чаралардын жыйынтыгы боюнча төмөндөгүлөр белгиленген, 2021-жылы ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан, негизинен, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын бөлүштүрүү тартибин сактоо камсыздалган.

2021-жылы мүчө мамлекеттердин бюджеттерине келип түшкөн, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын жалпы суммасы 2020-жылга салыштырмалуу 2,3 млрд АКШ долларына же 20,5 %га көбөйгөн жана 13,5 млрд АКШ долларын (2020-жылы – 11,2 млрд АКШ долларын) түзгөн. Бул, 2017-жылдан бери тараптардын бюджеттерине тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын келип түшүүлөрүнүн максималдуу мааниси.

Мүчө мамлекеттер бөлүгүндө тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын бирдиктүү эсебине келип түшүүлөрдүн суммасынын көбөйүшү, төмөндөгүлөрдү түзгөн: Армения Республикасы – 34,7 млн АКШ доллары, же 31,0%, Белоруссия Республикасы – 19,8 млн АКШ доллары, же 3,3%, Казакстан Республикасы – 120,7 млн АКШ доллары, же 20,0 %, Россия Федерациясы – 2 022,6 млн АКШ доллары, же 20,5% жана Кыргыз Республикасына абдан көп келип түшүүлөр (эки эсе) – 75,7 млн АКШ доллары, же 98,0%.

2021-жылы мүчө мамлекеттер ортосунда тыштан алынып келингендерге бажы алымдар суммасынын каршы агымдарынын оң калдыгы түзүлгөн: Армения Республикасы үчүн (плюс 18,5 млн АКШ доллары), Белоруссия Республикасы (плюс 42,7 млн АКШ доллары), Казакстан Республикасы (плюс 225,6 млн АКШ доллары) жана Кыргыз Республикасы (плюс 103,4 млн АКШ доллары), ал эми Россия Федерациясы үчүн терс калдык (минус 400,0 млн АКШ доллары).

Тыштан алынып келингендерге бажы алымдар суммасынын каршы агымдарынын калдыгы, 2020-жылга салыштырмалуу төмөндөгүдөй түзүлгөн:

- Армения Республикасы үчүн өз ара эсептешүүлөрдүн оң калдыгын 6,0 млн АКШ долларына (24,1%) кыскартуу жана Кыргыз Республикасы - 33,2 млн АКШ доллары (24,3 %);
- Белоруссия Республикасы үчүн, акыркы 6 жыл ичинде биринчи жолу өз ара эсептешүүлөрдүн 42,72 млн АКШ долларыда (89,3%) оң калдыгын түзүү;
- Казакстан Республикасы үчүн, 40,0 млн АКШ долларында (21,0%) оң калдыктын өсүүсү;
- Россия Федерациясы үчүн, өз ара эсептешүүлөрдүн 99,4 млн АКШ долларында (33,0%) терс калдыгынын көбөйүшү.

2021-жылы кабыл алынган тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасын бөлүштүрүү ченемдери, 2015-жылдын 14-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик тууралуу келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө протокол, ошондой эле айрым эл аралык келишимдерди колдонууну өзгөртүү жана токтотуу жөнүндө протокол (мындан ары – 2019-жылдын 1-октябрындагы протокол) менен белгиленген. Ушул протоколдун 12-беренесине

ылайык, ар бир мүчө мамлекеттер үчүн, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасын бөлүштүрүүнүн төмөндөгүдөй ченемдери белгиленген:

- Армения Республикасы – 1,220 пайыз;
- Белоруссия Республикасы – 4,860 пайыз;
- Казакстан Республикасы – 6,955 пайыз;
- Кыргыз Республикасы – 1,900 пайыз;
- Россия Федерациясы – 85,065 пайыз.

2021-жылы ыйгарым укуктуу органдар тарабынан тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасын бөлүштүрүү ченемдеринин сакталышын текшерүүдө бузуулар аныкталган жок.

Жер казынасы чөйрөсүндө иштеген айрым уюмдар тарабынан, 2014-жылдан 2020-жылга чейинки мезгил аралыгына карата төлөнгөн, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын Бирликтин мүчө мамлекеттеринин бюджеттеринин кирешесине Казакстан Республикасы тарабынан чегерилбеген жана бөлүштүрүлбөгөн бөлүгүндөгү маселе, көп жылдар бою чечилбестен калууда.

Алсак, Казакстан Республикасына жер казынасы чөйрөсүндө макулдашуулар алкагында тыштан келтирилген товарлар боюнча тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммалары, 2010-жылдын 1-сентябрынан кийин 2014-2020-жылдарга карата, 11 960,0 млн теңге суммасы Бирликтин мүчө мамлекеттеринин бюджеттерине бөлүштүрүлгөн эмес жана чегерилген эмес (2014-жылы - 14,3 млн теңге, 2015-жылы - 3 594, 3 млн теңге, 2016-жылы – 4 721,3 млн теңге, 2017-жылы - 1 473,3 млн теңге, 2018-жылы - 1 944,5 млн теңге, 2019-жылы - 179,64 млн теңге, 2020-жылы - 32,6 млн теңге).

Евразиялык экономикалык комиссиянын маалыматы боюнча, 2021-жылдын ичинде бул маселе мүчө мамлекеттердин кызыкдар мамлекеттик органдарынын жетекчилеринин орун басарлары жана эксперттери тарабынан кеңешмелерде 10дон ашык жолу, ошондой эле Комиссиянын Кеңешинин жана Евразиялык өкмөт аралык Кеңештин отурумдардында 6 жолу каралган.

Түзүлгөн кырдаалды жөнгө салуу үчүн, Казактан Республикасы тарабынан, 2010-жылдын 1-июлуна чейин түзүлгөн контракт боюнча Казакстан Республикасында жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндө пайда болгон укук мамилелерине карата анын жоболорун колдонбоо жөнүндө ченемдерди киргизүү бөлүгүндө, ЕАБ жөнүндө келишимдин 5-тиркемесинин 1-пунктуна толуктоо киргизүү сунушталууда. Ошондой эле, 2014-жылдын 1-ноябрынан пайда болгон укуктук мамилелерге бул ченемди жайылтуу сунушталууда.

Көп убакыттан бери, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын төлөө менен байланышкан маалыматтарды алмашуу тартибин, мүчө мамлекеттердин бажы органдары тарабынан ишке ашыруу маселеси чечиле элек. Учурда, “Тыштан алынып келингендерге бажы алымдарын төлөө менен байланышкан ЕЭКке аны берүү маалыматын алмашуу тартибинин” V бөлүгүн алып салуу бөлүгүндө, тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын (эквиваленттик таасирге ээ жыйымдар жана салыктар, жана башка алымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө-өлкөлөрүнүн бюджеттеринин кирешесине чегерүү тартиби жөнүндө Протоколго өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле эсептелген жана төлөнгөн тыштан алынып келингендерге бажы алымдарынын суммасы жөнүндө отчеттордун формаларын жокко чыгаруу маселеси талкууланууда.

Контролдук иш-чаралардын жыйынтыктары боюнча Армения Республикасынын Аудитордук палатасынын, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча эсептөө комитетинин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын коллегияларынын (Кеңештеринин, ыйгарым укуктуу

адамдардын) биргелешкен отурумдарында отчет бекитилген жана тиешелүү сунуштар жөнөтүлгөн.

***ЕАЭБдин тышкы органдары боюнча ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдары тарабынан жүргүзүлгөн контролдук иш-чара.***

2014-жылдын 29-майындагы Евразиялык экономикалык бирлик жөнүндө келишимге ылайык, Жогорку Евразиялык экономикалык Кеңеш тарабынан, “Евразиялык экономикалык Кеңештин органдарында жүргүзүлгөн тышкы аудит (контролдоо) жөнүндө” Жобо бекитилген (2015-жылдын 16-октябрындагы №33).

Буга байланыштуу, Эсептөө палатасынын кызматкерлери жыл сайын, ЕАЭБ органдарына жүргүзүлгөн тышкы аудитке катышат. Отчеттук жылы жогоруда көрсөтүлгөн контролдук иш-чаралар, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин төрагалыгы менен жүргүзүлгөн. Эсептөө палатасынын кызматкерлери 2022-жылдын августунан октябрына чейин, түздөн түз ЕАЭБ органдарына тышкы аудитти жүргүзүшкөн.

## 4.4. Жүргүзүлгөн тематикалык аудитордук иш-чаралардын жыйынтыктары

***2021-жылы COVID-19 коронавирус инфекциясы менен күрөшүүгө республикалык бюджеттен бөлүнгөн жана эл аралык донорлордон келип түшкөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышына натыйжалуулук элементтерин колдонуу менен жүргүзүлгөн шайкештик аудити***

2021-жылдын 1-июлунан 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде COVID-19 учурунда ооруган медицина кызматкерлерине жана каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө төлөнгөн компенсациялык төлөмдөрдүн шайкештигине текшерүү жүргүзүлгөн.

Эсептөө палатасы аудитти, INTOSAI Өнүктүрүү демилгесинин программасынын алкагында эл аралык стандарттарды колдонуу аркылуу, ачыктык, отчеттуулук жана инклюзивдик менен жүргүзгөн. Аудиттер жогорку аудит органдарынын эл аралык стандарттарынын негизинде шайкештик аудиттери катары аныкталат, алар COVID-19 менен күрөшүү үчүн шашылыш каржылоону колдонуу менен, ачыктыкты, отчеттуулукту жана инклюзивдикти жогорулатат жана келерки өзгөчө кырдаалдар учурунда мамлекеттик чыгымдардын ачыктыгын, отчеттуулугун жана инклюзивдик түзүмдү түзүүгө жардам берет.

Текшерүүгө Бишкек шаарынын Октябрь райондук Үй-бүлөлүк медицина борбору, Ленин райондук үй-бүлөлүк медицина борбору, Биринчи Май райондук үй-бүлөлүк медицинанын бириктирилген борбору жана №1 шаардык клиникалык оорукана киргизилген.

Бишкек шаарынын Ленин райондук Бириктирилген үй-бүлөлүк дарыгерлер ооруканасын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, 43 медицина кызматкерине – 5 458,0 миң сом, 38 медицина кызматкерине – 7 600,0 миң сом, Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук Бириктирилген үй-бүлөлүк дарыгерлер ооруканасына 4 413,0 миң сом төлөнгөндүгү аныкталган. Бишкек шаарынын Октябрь райондук Бириктирилген үй-бүлөлүк дарыгерлер ооруканасы тарабынан 2 593,0 миң сом, Бишкек шаарынын №1 шаардык клиникалык ооруканасы тарабынан 2 881,5 миң сом ашык төлөөлөргө жол берилгендигин аныкталган.

***2013-жылдын 1-январынан 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карта “Бишкек шаарындагы катуу тиричилик таштандыларын башкаруу тутумун жакшыртуу” долбоорунун кредиттик жана гранттык каражаттарынын пайдаланылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити***

Бардыгы болуп, 150,7 млн сомго рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган.

Контракттын көрсөтүлгөн шарттары Заказчы (Бишкек шаарынын мэриясы) тарабынан аткарылбашынын натыйжасында, ошондой эле, милдеттенмелердин өз убагында аткарылбашына, жер участкасына алдын ала укукту белгилөөчү документтерди (жаңы полигон, аймакты рекультивациялоо) өз убагында жана талаптагыдай даярдалбагандыгына, Бишкек шаарынын мэриясынын тиешелүү кызматтагы адамдарынын жана жер участкасын алуу маселелери боюнча иш алып барган түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ошондой эле “Тазалык” МИ менен “Бишкек санитардык полигон” МИнин жетишсиз ишине байланыштуу, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан долбоордун каражаттарынын натыйжасыз пайдаланылышына алып келген:

Аудит мезгили аралыгында долбоордун компоненттери боюнча эксперт тарабынан тастыкталган, коюлган доолбоордун жалпы суммасы 927,5 миң еврону (31.12.2021-жылдагы КРУБдун курсу боюнча 84,80 сом), эсептик 78,7 млн сом суммасын түзгөн.

BSWM-5 компоненти боюнча “Эхитусфирмаранд и туулберг” ААКсы тарабынан коюлган доо боюнча, доону жабуу боюнча аны төлөөгө Европа реконструкциялык Өнүгүү Банкынынын 23.12.2021-жылдагы алдын ала макулдугу боюнча, 391 контейнер аянтчасын куруу боюнча BSWM-1 “КТТ чогултуу үчүн контейнерлерге аянтчаларды реконструкциялоо” үчүн багытталган 509,6 миң евро суммасындагы кредиттик каражаттар багытталган, анын ичинен, кредиттик каражаттар – 254,8 миң еврону, гранттык каражаттар – 254,8 миң еврону (31.12.2021-жылдагы КРУБдун курсу боюнча 84,80 сом) эсептик 43,2 млн сом суммасын түзгөн.

BSWM-1 “КТТ чогултуу үчүн контейнерлерге аянтчаларды реконструкциялоо” компоненти боюнча архитектура-техникалык корутундуну иштеп чыгууда, жайгаштыруу аянтчаларынын орду жана саны боюнча табыштаманы тариздөөдө иштер сапатсыз жүргүзүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, курулушта талап кылынбаган, 96,4 миң евро суммасындагы (31.12.2021-жылдагы КРУБдун курсу боюнча 84,80 сом) эсептик 8,2 млн сом суммасындагы демонтаждалган таштанды аянттар бар.

Отчеттук мезгил ичинде долбоордун бенефициарлары тарабынан факты жүзүндө 251,9 миң евро (“Тазалык” МИ – 75,5 миң евро, “Бишкек санитардык полигону” МИ – 176,4 миң евро) суммасындагы өздөштүрүлбөгөн кредиттик каражаттар үчүн, факты жүзүндө жеткиликтүү күндөн тартып комиссия төлөнгөн, Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү берген маалыматтар боюнча сомдун эквивалентинде 20,4 млн сомду түзгөн.

Бул келтирилген чыгымдар муниципалдык ишканалардын бюджеттери үчүн кошумча жүк болуп эсептелет, бул болсо өз кезегинде, каржы-чарбалык иштин абалына таасирин тийгизет, б.а. ишкананын кирешелерин жоготуу болуп эсептелет.

Жүргүзүлгөн конвертациялоонун натыйжасында, “Бишкек санитардык полигон” МИ боюнча 2016-2017-жылдар үчүн курстук айырма менен байланышкан 295,7 миң сом (кредиттик каражаттар) чыгымдарга жол берген, ал жерде валюталык эсепти ачуу зарылдыгы бар эле, демек, валюталарды конвертациялоо болмок эмес.

## 5. Өз ара аракеттенишүү жана кызматташуу

### 5.1. Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, мамлекеттик органдар жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү



"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп эсептелет, өз ишинде Кыргыз Республикасынын Президентине жана Жогорку Кеңешине отчет берет.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен Эсептөө палатасына 310 суроо-талап, тапшырмалар, каттар жана документтер келип түшкөн.

Алсак, 2022-жылдын ичинде Эсептөө палатасынын дарегине Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынан ар кандай маалыматтарды берүү боюнча 181 кат келген. Ошондой эле, Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын дарегине, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, 45 отчет жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 129 кат келип түшкөн, анын ичинен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча отчетторду жана маалыматтарды берүү жөнүндө 35 суроо-талап, аудит жүргүзүү жөнүндө 47 тапшырма, отурумдарга жана талкууларга 57 чакыруу, жана башкалар – 33.

Эсептөө палатасынын Кеңеши кабыл алган токтомдордун негизинде, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, 54 отчет жана корутунду жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө 5 отчет жөнөтүлгөн.

Мындан сырткары, бюджеттик мыйзамды жакшыртуу боюнча иштердин алкагында, Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-беренесинде көрсөтүлгөн, финансылык тартипти бузгандыгы үчүн, мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтагы адамдарды жоопкерчиликке тартуу механизмин жакшыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине сунуш киргизилгендигин, белгилей кетүү керек.

Каржы бузуу фактылары аныкталганда, Эсептөө палатасы, ошондой эле ыйгарым укуктуу орган, Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, ошондой эле мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү жетекчилерине, алардын күнөөсү менен финансылык тартипти бузууга жол берилгендиги боюнча, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтагы адамдарын ээлеген кызматынан бошотуу жөнүндө сунуштарды киргизет.

## 5.2. Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

2022-жылы жүргүзүлгөн аудиттер боюнча, тиешелүү кароо үчүн, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына 14,9 млрд сом, 84,0 миң АКШ доллары жана 927,5 миң евро суммасында аудиттердин 89 материалы жөнөтүлгөн.

Анын ичинен прокуратура органдарына 10,3 млрд сом, 84,0 миң АКШ доллары жана 927,5 миң евро суммасында аудиттердин 82 материалы; Улуттук коопсуздук органына 4,6 млрд сомго аудиттердин 7 материалы берилген.

Бүгүнкү күнгө, укук коргоо органдары менен жүргүзүлгөн салыштыруу боюнча, аудиттердин 89 материалын кароонун жыйынтыгы менен: 30 кылмыш иш козголгон; 6 кылмыш иши өндүрүүдөн кыскартылган; айыптоону көрсөтүү менен 6 кылмыш иши сотко жөнөтүлгөн; 8 кылмыш иши өндүрүүдөн токтотулган; аудиттердин 10 материалы боюнча тиешелүү тергөө иш-чаралары жүргүзүлүүдө; аудиттердин 13 материалы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган; аудиттин 7 материалы боюнча башка кылмыш иштердин материалдарына тиркелген.

Аудиттердин 36 материалы боюнча прокурордук чара көрүү актылары чыгарылган, анын жыйынтыгы боюнча кызматтагы 18 адам тартип жоопкерчилигине тартылган; аудиттердин 3 материалы боюнча прокуратура органдары тарабынан тиешелүү маалымкат түзүлгөн жана жазылган фактылар эске алынган. Укук коргоо органдары тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаралардын натыйжасында – 343,4 млн сом калыбына келтирилди.

## 5.3. Эл аралык кызматташуу

***Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI), Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), ЕСО (экономикалык кызматташуу) өлкөлөрүнүн жогорку аудит органдарынын эл аралык уюмунун (ECOSAI) алкагында кызматташуу.***

***Шанхай кызматташуу уюмунун (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин аудиттин жогорку органдарынын (АЖО) кызматташуусу***

2022-жылдын 31-мартында видео конференция форматында Шанхай кызматташуу уюмунун (ШКУ) мүчө мамлекеттеринин 5-жолугушуусу болуп өткөн.

Жолугушуу ШКУ өлкөлөрү Казакстан, Кытай, Кыргызстан, Россия Федерациясы, Тажикстан, Өзбекстан жана Индиянын аудиттин жогорку органдарынын жетекчилеринин катышуусу менен, Пакистандын Башкы аудиторунун кеңсесинин төрагалыгы алдында өткөн.

Катышуучулар аудиттин жүрүшүндө дискуссия өткөрүшүп, “COVID-19 менен күрөшүүгө бөлүнгөн чыгымдарга аудит”, “Туруктуу өнүктүрүү максатына жетүүдө COVID-19дун таасири” жана “Аралыктан (обочолонгон” аудит” сыяктуу бир катар маселелер боюнча пикир алмашуу болгон. Тематикалык сессиянын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору З.А. Сатаев “Туруктуу өнүктүрүү максатына жетүүдө COVID-19дун таасири” темасындагы баяндама менен чыккан. Баяндаманын алкагында, Кыргыз Республикасында туруктуу өнүгүү максаты болуп, мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты эсептелери жана эки стратегиялык документтерде: 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы менен 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында көрсөтүлгөндүгү белгиленген.



***Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин (КМШ) аудиттин (финансылык контролдоонун) жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында кызматташуу***



Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аппаратынын жетекчиси Н.Б. Осмонов башында турган Эсептөө палатасынын кызматкерлери 2022-жылдын 29-апрелинде “Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин аудиттин жогорку органдарынын (мындан ары –АЖО) мамлекеттик финансылык контролдоо (аудит) стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун XVIII отуруму” темасындагы видео конференцияга катышышкан.

Бул жолугушуу Белоруссия, Молдова Республикаларынын, Арменияныn, Россия Федерациясынын, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан жана Кыргызстандын аудиттин жогорку органдарынын өкүлдөрү үчүн, Казакстан Республикасынын республикалык бюджеттин аткарылышынын контролдоо боюнча эсептөө комитети тарабынан уюштурулган.

Иш-чаранын жүрүшүндө КМШ мүчө мамлекеттеринин АЖО ишиндеги топтолгон финансылык отчеттуулукка аудит жүргүзүү практикасын колдонууга мүмкүн болуучу багыттар жөнүндө тажрыйба алмашуу болгон.

Жолугушууда мамлекеттик саясаттын (долбоорлор, мамлекеттик колдоо чаралары) таасирин баалоо жана методология ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо максатында, катышуучу КМШ мамлекеттеринин АЖОлоруна сурамжылоо жүргүзүүнү кароо маселеси талкууланды.



***Эконмикалык кызматташуу өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдарынын кызматташуусу (ЭКОСАИ)***

Төрага А.Ш. Акматов башында турган Эсептөө палатасынын делегациясы экономикалык кызматташуу өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдары уюмунун IX Ассамблеясынын ишине катышкан, ал 2022-жылдын 25-августунан 26-августуна чейин Нур-Султан (Казакстан) шаарында өткөн.

Ушул иш-чаранын алкагында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы 2022-2025-жылдар мезгил аралыгына карата ЭКОСАИ Башкармалыгынын Кеңешинин курамына шайланган. Мындан сырткары, Эсептөө палатасы Иран Ислам Республикасынын Жогорку аудитордук соту менен биргелешип, 2019-2021-жылдар мезгил аралыгына карата ЭКОСАИ эсептерине жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчетту берген.

Ошондой эле, ЭКОСАИ мүчөлөрү – аудиттин жогорку органдары 3 жылдык мезгил аралыгындагы иштин жыйынтыгын чыгарышкан, иштин абдан актуалдуу маселелерин талкуулашып, ЭКОСАИнин жетектөөчү органынын жаңы мүчөлөрүн шайлашкан.



Муну менен катар, ЭКОСАИ IX Ассамблеясында Эсептөө палатасынын төрагасы А.Ш. Акматов менен Иран Ислам Республикасынын Жогорку аудитордук сотунун башчысы Иран Мехрдаддын жолугушуусу өткөн. Тараптар эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин талкуулашкан жана мындан ары өз ара аракеттенишүүнү өнүктүрүү жолун белгилешкен.

***INTOSAI – мамлекеттердин аудиттин жогорку органдары менен кызматташуу***

2022-жылдын 9-ноябрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы А.Ш. Акматов, Аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун 24-конгрессинин расмий ачылыш салтанатына катышкан, ал Рио-де-Жанейро шаарында Бразилиянын Федералдык эсеп сотунун төрагалыгы менен өткөн.

Конгресс “Коомдук кырсыктардагы иш-аракеттерде аудиттин жогорку органдарынын иши” жана “Глобалдуу добуш, глобалдуу жыйынтыктар жана алыска кетүүчү таасирлер” аталышындагы эки негизги темага арналган.

### 5.4. Коомчулук менен байланышуу

Аудитордук иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн, Эсептөө палатасынын ишин уюштуруунун маанилүү аспаптарынын бири болуп, жарандык коом менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү эсептелет. Ачыктык жана айкындуулук саясатынын алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жарандык сектор үчүн аудиттин жыйынтыктары жөнүндө отчеттордун жеткиликтүүлүгүнө тиешелүү мыйзамда белгиленген бардык ченемдерди аткарат.

2022-жылы коомчулукка маалымдоо, Эсептөө палатасынын расмий веб-сайтына жана социалдык тармактарга пресс-релиздер, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында Эсептөө палатасынын иши, аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө интервьюлар жана макалалар жарыяланган. Отчеттук жыл ичинде Эсептөө палатасынын иши жөнүндө мамлекеттик тилде 108 жана расмий тилде 102 пресс-релиз даярдалган жана жарыяланган, алар алдыңкы маалымат агенттиктери жана жаңылыктар сайттары тарабынан кайра басылып чыккан. Республикалык жалпыга маалымдоо каражаттары Эсептөө палатасынын ишине байланыштуу 500гө жакын материалдарды жарыялаган. Ошондой эле, расмий сайтка жайгаштырылган бардык материалдар, фейсбук, телеграм канал социалдык тармактарында жайгаштырылган. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын видео материалдары ютуб каналында жарыяланган.

Отчеттук жылы жарандардан жана ЖМКдан жазуу жүзүндө жана электрондук түрдө 20дан ашык кайрылуу келип түшкөн, алар мыйзамга ылайык каралган. Эсептөө палатасы конструктивдүү диалог жана социалдык тармактар барактарына жана ютуб каналына актуалдуу жаңылыктарды жайгаштыруу аркылуу жарандык коом менен өз ара аркеттенишүүнү улантууда. Эсептөө палатасынын расмий сайты активдүү иштеп жатат жана жигердүү колдонулууда.

Отчеттук  жылы жарандардан жазуу жүзүндө жана электрондук түрдө 90 ашык кайрылуу келип түшкөн, бардык келип түшкөн кайрылуулар контролго коюлуп, "Жарандардын кайрылууларын карoо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралган.

## 6. Коррупцияга каршы иш-чаралар

Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы №180 "2021-2024-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү жана анын себептерин жоюу боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгынын алкагында активдүү иш жүргүзүүдө.

Жарандардын кайрылууларын ыкчам карoо максатында, Эсептөө палатасынын коомдук кабылдамасы иштейт. Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ар кандай маселелери боюнча жарандарды кабыл алуу болгон. Алардын жыйынтыгы боюнча, аудит программаларын түзүүдө көрсөтүлгөн тобокелдиктерди эске алуу зарылдыгы жөнүндө, түзүмдүк бөлүмдөргө тиешелүү тапшырмалар берилген.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын дарегине келип түшкөн жарандардын жазуу жүзүндөгү жана электрондук кайрылуулары, "Жарандардын кайрылууларын карoо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат. Кароонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери тарабынан коррупциялык көрүнүштөр маалыматын камтыган предмет боюнча кайрылууга талдоо жүргүзүлөт.

"Жарандардын кайрылууларын карoо тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган тартипке толуктоо катары, Эсептөө

палатасында “ишеним телефону” жана Эсептөө палатасынын WhatsApp номери аркылуу аудит объектилери жана жарандар менен кайрадан байланышуу уюштурулган. “Ишеним телефону жөнүндө” Жобо жана кыскача эстеткич Эсептөө палатасынын сайтына жарыяланган.

Ошондой эле, 2022-жылдын 16-декабрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында, Россия Федерациясынын Эсептөө палатасы менен тажрыйба алмашуу боюнча онлайн семинарга катышышкан.

Семинардын темасы “Коррупцияга каршы күрөшүүдө Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын орду жана ролу” болгон.

КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик финансылык контролдоонун жогорку органдарынын кызматкерлери коррупция менен күрөшүүдө натыйжалуу мамилени, ошондой эле аны менен күрөшүү боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгуунун маанилүүлүгүн белгилешкен. Мамлекеттик аудиттин жогорку органдары, коррупцияга каршы күрөшүүнүн жалпы улуттук системасынын маанилүү элементтеринин бири болуп эсептелет.

Социалдык-экономикалык өнүгүү процесстерине, жакырчылык менен күрөшүүгө, демократиялык мамлекеттин институттарына карата жарандардын ишенимин кетирүүгө тийгизген коррупциянын терс таасирлери, улуттук масштабда гана эмес, мамлекет аралык масштабда коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууну талап кылат.

# 7. Эсептөө палатасынын ишин уюштурууну камсыздоо

## 7.1. Методологиялык камсыздоо




*Видеону көрүү үчүн шилтемени басыңыз*

Мамлекеттик аудиттин методологиясын жакшыртуу, мамлекеттик аудиттин тутумун жакшыртуунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет, алсак, отчеттук жылы “АКШнын Эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) тарабынан каржыланган жана DevTech Systems Inc компаниясы тарабынан ишке ашырылган, “Фискалдык отчеттуулук жана туруктуу соода (ФОТС)” долбоорунун алкагында Мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча колдонмо жаңыртылган.

Мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча жаңыртылган колдонмонун максаты болуп, жаңы “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышына ылайык, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүнө мамлекеттик аудит жүргүзүүнүн жалпы эрежелерин жана жол-жоболорун белгилөө эсептелет.

2022-жылдын 12-июлунан 15-июлуна чейин Эсептөө палатасы мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча колдонмону колдонуу тууралуу борбордук аппараттын жана аймактык бөлүнүштөрдүн кызматкерлерине тренинг өткөргөн. Тренинг учурунда мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча

колдонмону жаңыртуунун маанилүүлүгү белгиленген, бул болсо, сатып алууларды пландоо этабынан тартып контрактты түзүү жана аткарууга чейинки этапка чейин сатып алууларга мамлекеттик аудит жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Алсак, мамлекеттик аудиттин негизги милдети болуп, мамлекеттик сатып алууларга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча иштелип чыккан сунуштарды алардын ишине жайылтуунун негизинде, алар тарабынан бюджеттик каражаттардын натыйжалуу пайдаланылышын жогорулатууга мамлекеттик орган тарабынан жардам көрсөтүү эсептелет.

Мыкты аудитордук практиканы колдонуу максатында, Эсептөө палатасы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аудити тутумунда аудиттин эл аралык стандарттарын интеграциялоо процессин уланткан. 2022-жылы Эсептөө палатасы тарабынан негизинен, шайкештик аудиттери жүргүзүлгөн, методикалык колдонмо жана аудиттин жумушчу формалары жеткире иштелип чыккан. Шайкештик аудиттери менен гана чектелип калбастан, натыйжалуулук аудиттери да жүргүзүлгөн, аудитордук иш-чаралардын сапатын жакшыртуу жана кызматкерлердин потенциалын өнүктүрүү боюнча иштер улантылууда.

Аудиттин эл аралык стандарттары боюнча жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары, аудиттин натыйжалуулугунун аныктыгын жана объективдүүлүгүн камсыз кылат. Эсептөө палатасы тарабынан аудиттин эл аралык стандарттарын колдонуу, мамлекеттик чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет жана коррупцияга каршы иш-чаралардын маанилүү элементи болуп эсептелет.

## 7.2. Кадрдык камсыздоо

Отчеттук жылдын аягында Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын штаттык саны 206 бирдикти түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 201 бирдик өз ордунда иштеп турган, анын ичинен:

– борбордук аппаратта -125;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 29;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 16;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүндө - 31.

Эсептөө палатасы мамлекеттик кызматчылардын төмөндөгүдөй сапаттуу курамына ээ:

– гендердик курамы боюнча: мамлекеттик кызматчылардын 75,7 пайызын эркектер, 24,3 пайызын аялдар түзөт;

– билим деңгээли боюнча: баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 24,87 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. Төрт мамлекеттик кызматчы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ;

– адистиги боюнча: экономика, бухгалтердик эсеп жана финансы - 85,08 пайыз мамлекеттик кызматчылар, юридикалык - 3,98 пайыз, гуманитардык – 3,48 пайыз, жана башкалар – 7,46 пайыз.

Техникалык жана тейлөөчү персонал 80 бирдикти түзөт.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматынын кадрлар резервине төмөндөгүлөр кирген:

– өткөрүлгөн ачык конкурстун жыйынтыктары боюнча 58 адам, анын ичинен, башкы административдик мамлекеттик кызматка – 21; улук административдик мамлекеттик кызматка -23; кенже административдик мамлекеттик кызматка – 14;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын Улуттук кадрлар резервинде мурда турган – 43 адам башкы административдик мамлекеттик кызматка жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кадрларынын ички резервдеринде турган - 2 адам кенже административдик мамлекеттик кызматка.

18 адам ээлеген кызматынан бошонгон, анын ичинен:

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 6 мамлекеттик кызматчысы – өз каалоосу менен, борбордук аппаратты тейлөөчү техникалык жана кенже 6 персонал, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн 4 мамлекеттик кызматчысы;

– эмгек тартибин бузгандыгы үчүн – Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшүнүн 1 мамлекеттик кызматчысы;

– мамлекеттик органдардын ички ротациясы тартибинде – Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшүнүн 1 мамлекеттик кызматчысы.

Кызматка 79 адам дайындалган (шайланган), анын ичинен:

– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук кызматына шайланган – 5;

– өзгөчө тартипте (конкурстан сырткары тартипте) - 1 мамлекеттик кызматчы;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ички ротация тартибинде - 18 мамлекеттик кызматчы;

– мамлекеттик органдардын ички ротациясы тартибинде 10 мамлекеттик кызматчы, анын ичинен, борбордук аппаратта – 3, аймактык бөлүнүштөрдө – 7;

– Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кадрларынын ички резервдеринен 37 мамлекеттик кызматчы, анын ичинен, борбордук аппаратта – 23 жана аймактык бөлүнүштөрдө – 14;

– техникалык жана кенже тейлөөчү персонал – 8.

***Окуу планына ылайык Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу, кайрадан даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди уюштуруу***

Отчеттук жылдын март, май, август жана октябрь айларында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлерине техникалык окутуулар өткөрүлдү. Тренингдер актуалдуу темаларды камтып, анын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери жана лекторлор ортосунда тажрыйба алмашуу иретинде болуп, иштин жүрүшүндө пайда болгон көптөгөн зарыл маселелер каралды.

**Онлайн семинарлар, окутуулар жана жолугушуулар:**

– ИТ-аудити боюнча онлайн курсу - 1 кызматкер;

– АЖО аудиторлору үчүн кесиптик окутуунун пилоттук программасына катышуу (PESA-P) - 2 кызматкер;

– “Плотинанын ары жагындагы суу – АЖО үчүн маалыматтар агымы менен байланышкан көйгөйлөр” темасындагы маалыматтык технологиялар боюнча ЕВРОСАИнин Жумушчу тобунун электрондук семинары – 7 кызматкер;

– DT Global IDEV EUROPE, S.L. (Испания) консультациялык компаниясынын "РП УГФ-2" долбоорунун алкагында 2017-2020-жылдар мезгил аралыгына карата улуттук жана субулуттук деңгээлде ГРФП/PEFАнын финансылык отчеттуулугун жана мамлекеттик чыгымдарды баалоо жыйынтыктарынын бет ачары – 2 кызматкер;

– Натыйжалуулук аудити боюнча окутуунун 107-эл аралык интенсивдүү программасы - 2 кызматкер;

– “Жакырчылык тобокелдигин каржылоо үчүн, жагымдуу чөйрөнү чыңдоо” темасында виртуалдуу консультациялык миссия – 11 кызматкер;

– Жакырчылык тобокелдигин каржылоо үчүн, жагымдуу чөйрөнү чыңдоо” темасында виртуалдуу консультациялык миссиянын алкагында потенциалды күчөтүү семинары (ZOOM аркылуу) - 11 кызматкер;

– “COVID-19 пандемиясы шартында туруктуу өнүгүү максаттарына жетүүдө ЖАОнун ролу” темасындагы семинар – 14 кызматкер;

– Негизги кызыкдар тараптар жана АЖО жетекчилери үчүн аудитордук таасир берүүгө жардам берүү боюнча IDI ASOSAI семинары – 4 кызматкер;

– ЦУР боюнча жүргүзүлгөн экологиялык аудит боюнча ИНТОСАИнин жумушчу тобунун эл аралык тренинги – 1 кызматкер;

– Коррупция менен күрөшүүнү эл аралык күнүнө арналган, “Чоңойтуучу айнек алдындагы коррупция” эл аралык форуму – 1 кызматкер.

***Тажрыйба алмашуу тууралуу семинарларды өткөрүү боюнча Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын демилгелеринин алкагындагы иш-чаралар:***

– “Тышкы талдоо жүргүзүүдө санарип аспаптарын колдонуу жана санарип сабаттуулугу” – 14 кызматкер;

“Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын жакырчылыктын аудити боюнча тажрыйбасы – 17 кызматкер;

– “Россиянын жол тармагында инновациялык технологияларды колдонууга аудит”;

– Мамлекеттик сатып алуулар тармагындагы аудиттин методологиясы жана тажрыйбасы”;

– “Коррупцияга каршы күрөшүүдө Россия Федерациясынын Эсептөө палатасынын орду жана ролу”.

***Квалификацияны жогорулатуу:***

– JDS долбоорунун алкагында 2021-2023-жылдар мезгил аралыгындагы магистрдик программа боюнча Рицумейкан университетине 2 жылдык окууга 1 кызматкер өткөн (коррупцияны алдын алуу маселеси боюнча ыйгарым укуктуу);

– 2022-2024-жылдар мезгил аралыгында Аудиттин Нанкин Университетине 2 жылдык окуу курсуна 1 кызматкер өткөн (аналитик);

– 2022-2024-жылдар мезгил аралыгында КР Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” магистратуралык программа боюнча 2 жылдык окууга 1 кызматкер өткөн;

– 2021-2023-жылдарга карата ушул эле окуудан 1 кызматкер өтүүдө.

## 7.3. Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү



*Видеону көрүү үчүн шилтемени басыңыз*

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын маалыматтык технологиялар базасы, эл аралык гранттардын эсебинен жаңы компьютердик жана кеңсе жабдуулары менен жаңыланган.

2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын аткаруу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасындагы санариптештирүү жана автоматташтыруу процесстерин натыйжалуу өнүктүрүү алкагында,

2022-жылдын 17-февралында сатылып алынган оргтехникалардын салтанаттуу бет ачары өткөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы А.Ш. Акматовдун жетекчилиги менен, ASOSAI жана Сауд өнүктүрүү фонду сыяктуу Азия жана Араб өлкөлөрүндөгү аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмдарынын мүчө мамлекеттеринин арасында өткөргөн конкурстун жыйынтыгы боюнча бул жабдуулар гранттык негизде алынган.

Жабдуулар ноутбуктар, сканерлер, конференц-камералар, интерактивдүү панелдер, түстүү жана лазердик принтерлер, ошондой эле башка кошумча оргтехникалар менен комплектелген. Бүгүнкү күнү Эсептөө палатасынын ишинде маалыматтык технологияларды жайылтуу жана колдонуу – бул, маанилүү тенденция жана мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын натыйжалуулугун жогорулатуунун факторлорунун бири. Эсептөө палатасы жаңы сапаттуу деңгээлде мамлекеттик аудитти жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын ишин маалыматтык камсыздоону санариптештирүүнү эсепке алуу менен, жаңы милдеттерди ишке ашыруу үчүн өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктайт, ал жерде, аудитти жана аналитикалык ишти колдоо үчүн, санарип инфра түзүмдү түзүү милдети бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери 2022-жылдын 15-февралында "Санарип жетилгендиктин деңгээлин жогорулатуу" темасында онлайн видеоконференцияга катышкан.



Видеоконференцияны КМШ мүчө мамлекеттеринин мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин алкагында Россия Федерациянын Эсептөө палатасы уюштурган.

Видеоконференциянын катышуучулары Россия Федерациянын Эсептөө палатасынын санарип жетилгендиктин моделин иштеп чыгуу, санарип жетилгендиктин деңгээлин жогорулатуу үчүн, пландарды даярдоо жана аткаруу, бааларды жүргүзүү боюнча өздөрүнүн тажрыйбасын бөлүшүштү.

2022-жылдын 11-мартында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын конференция залында "Infodocs" электрондук документ жүгүртүү системасы (мындан ары - ЭДС) боюнча окуу өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын борбордук аппаратынын кызматкерлери үчүн окууну, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасынын адистери өткөргөн.

Эсептөө палатасынын кызматкерлерине окутуунун жүрүшүндө, электрондук документ жүгүртүү системасын жана анын жаңычылдыгын практикалык деңгээлде көрсөтүштү. Окутуу учурунда "Инфоком" мамлекеттик ишканасынын адистери, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин кызыктырган бардык суроолорго жооп беришти.

ЭДС "Infodocs" - электрондук форматка документтерди которуу жана мамлекеттик органдарда документ жүгүртүүнү автоматташтыруу үчүн багытталган, маалыматтык тутумду билдирет.



Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2022-жылдын 30-июнундагы №394-VII “2021-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын отчету жөнүндө” токтому менен каралган тапшырманы аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишин санариптештирүү алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы А.Ш. Акматов 2022-жылдын 1-мартындагы “Мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө аныкталган бузуулардын жаңы Классификаторун жайылтуу жөнүндө” буйрук чыгарган.

Мамлекеттик аудиттин жүрүшүндө аныкталган бузуулардын классификатору, мамлекеттик аудит объектилеринде бузууларды жана кемчиликтерди аныктоо жана баалоого карата бирдиктүү мамилени камсыздоо үчүн багытталган жана алардын натыйжалары мамлекеттик аудиттин жыйынтыктары боюнча отчетту түзүүдө маалыматтарды жалпылоо жана унификациялоо үчүн колдонулат.

Бузуулардын классификатору методикалык документ болуп эсептелет, ал аудит материалдарындагы бузууларды, кемчиликтерди жана алардын натыйжаларын көрсөтүүдө колдонулат, ошондой эле, жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жакшыртууга жана объективдүү маалыматтарды алууга жардам берет, анын толуктугу жана аныктыгы, аудит объектисинин тобокелдикке багытталгандыгын таануу үчүн жетиштүү негиз болот.

## 7.4. Каржы-чарбалык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча укуктук ченемдик актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

**2022-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы**

(млн сом)

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2022-жылга бекитилген смета | 2022-жылга такталган смета | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|
| Бюджет* | 231,6 | 396,7 | 373,7 |
| Фонд** | 23,1 | 39,4 | 39,2 |
| **Бардыгы:** | **254,7** | **436,1*** ** | **412,9** |

** Эсептөө палатасын күтүүгө республикалык бюджеттен каржылоо;*

*** материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү Фондун каржылоо*

**** көбөйүү жагында сметаны тактоо, Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына ылайык, эмгек акыларды жогорулатууга байланыштуу жүргүзүлгөн.*

Фонд Эсептөө палатасынын борбордук аппаратынын жана аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлеринин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмдарына мүчө алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына COVID-19 пандемиясына каршы күрөшүү максатында, техникалык колдоо үчүн, ИНТОСАИге мүчө алкагында Сауд фондусунан 69 910 АКШ доллары же 5 604,3 миң сом гранттык жардам бөлүнгөн, ал үчүн атайын эсеп ачылып, ага көрсөтүлгөн каражаттар топтолгон. 2022-жылы 4 185,6 миң сом суммасында негизги каражаттар (компьютердик жана оргтехникалар) сатылып алынган, 2 781,6 миң сом суммасындагы каражаттардын калдыгы 2023-жылы өздөштүрүлөт.

Отчёттук мезгилде “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 55 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, борбордук аппаратта - 25 жана аймактык бөлүнүштөрдө - 30.

## Корутунду

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы 2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын максаттарын жана милдеттерин, ошондой эле 2022-жылга иш планды жүзөгө ашырды. Аудитордук иш-чаралар мурунку жылдардагы жакшы тажрыйбаларды эске алуу менен, аудиттин эл аралык стандарттарынын ченемдерине ылайык жүргүзүлгөн. ИНТОСАИ аянтчасында мыкты аудитордук практика тажрыйбаларын алмашуу бөлүгүндө, финансылык контролдоонун жогорку органдары менен жолугушуулар өткөрүлгөн.

Мыкты аудитордук практиканы интеграциялоо жана аудитордук ишти жакшыртуу алкагында, мамлекеттик аудиттерди, аналитикалык иштерди жүргүзүүдө санариптештирүү улантылууда, аудитордук ишти пландоо процессин автоматташтыруу жана обочолонгон форматта пилоттук аудиттерди жүргүзүү боюнча иш-чаралар пландаштырылган. Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу жа кесиптик өнүктүрүү туруктуу негизде камсыздалат.

Мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын натыйжалуулугуна, бюджеттик каражаттардын натыйжасыз пайдалануу себептерине комплекстүү талдоо жүргүзүү, колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана бюджеттик процессти, аудит объектисинин ишин жакшыртуу боюнча конкреттүү жазма буйруктарды жана сунуштарды иштеп чыгуу максатында, аналитикалык жалпылоолорду камсыздоо, Эсептөө палатасынын артыкчылыгы болуп кала берет.

2022-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планынын максаттары жана милдеттери, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын аткарылышына, ошондой эле, республикалык жана жергиликтүү бюджеттин, бюджеттен сырткары жана атайын каражаттардын аткарылышына, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык менчикти өлкөнүн жана жарандардын кызыкчылыгы үчүн колдонууга багытталган.

Демек, жогоруда белгиленген милдеттерди ишке ашыруу процессинде, Эсептөө палатасы республикабыздын кызыкчылыгы үчүн, өзүнүн ишинин натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылууда активдүү иштерди улантат.